Бактыбек МАКСУТОВ

# МАНАС БААТЫРДЫН КАНЫКЕЙГЕ ҮЙЛӨНҮШҮ

4



# МАНАС БААТЫРДЫН КАНЫКЕЙГЕ ҮЙЛӨНГӨНҮ

*Адабиятташтырып жазып чыккан*
***Бактыбек Максүтов***

4

"Максат"
Бишкек 2012

УДК 821.51
ББК 82.3 (2Ки)
М 17

**Максүтов Б.**
М 17 Манас баатырдын Каныкейге үйлөнгөнү – Б.: Максат, 2012. – 62 б.

ISBN 978–9967–26–689–6

"Манас" эпосунун бир нече варианттарынын сюжеттери колдонулуп, мүмкүнчүлүктүн болушунча окуялар дээрлик камтылып, эпостун көркөм дөөлөтүн сактоо жагына өзгөчө көңүл бурулуп, эпостун "Манас", "Семетей", "Сейтек үч илтигинин кара сөз варианты жарыкка чыгарылган . Бул болсо ааламда теңдешсиз, дүйнөнү дүңгүрөткөн Айкөл бабабыз жөнүндөгү эпосту жалпы кыргыз журтчулугуна, айрыкча өсүп келе жаткан жаш муундарга, учуру келгенде дүйнө элдерине кеңири тааныштыруу үчүн болгон аракет эле.

Мындан ары мектеп окуучуларына ылайыктап, бөлүк–бөлүк кылып, китепче кылып чыгарууну туура таптык.

М 4702300500-12 УДК 821.51
ББК 82.3 (2Ки)

ISBN 978–9967–26–689–6

© Максүтов Бактыбек, 2012
© "Айкөл Манас бабаны" фонду, 2012

# МАНАС БААТЫРДЫН КАНЫКЕЙГЕ ҮЙЛӨНГӨНҮ

Калдайган шаар Букардын кандыгын Темир бербесе, кирип барып шаарына калайманды салам деп, кабагына кар жаап, кара булуттай түнөргөн Чубак урунаарга тоо таппай, урушаарга жоо таппай, Алайдан аттанып чыкты. Астындагы Көгаланын баскан жери быркырап, учкан куштай зыркырап, кызыл зулпукорду кынай белге байланып, катыра жүрүп жол чалып, канча баатыр кошчу алып, ордолуу Букар шаарынын дарбазасына жетти. Жөнсүз жерден чыр баштап, дарбазадагы турган сакчылардын далайын сабап жиберди. Айласы кете түшкөн сакчы башчысы Темирканга тез жетип, көргөнүн айтып кирди:

–Эңкейтип пенде алгысыз, эч ким чыдап баргысыз, көк темирден тон кийген, Көгала сындуу ат минген Чубак деген баатыр экен. Караса жүрөк болк этет, оңурандап кол салса орто жерден оргудай, он эки капка Букарды, ойлоп турсам ушул шер, түк чыгарбай соргудай.

Бул кабарды укканда Темиркан баш болгон ордодогу мыктылар эмне кылаардын айласын таппай далдырай түшүштү. Журт чуркурап, шаар ичи ызы–чуу болгонун көрүп, он эки кыздын кенжеси, кудайдын сүйгөн пендеси, кара сурдун сулуусу, аял заттын нурдуусу Каныкей атасынын алдына жүгүрүп жетип, уккандарды муңайтып, баатыр бейбак муну айтып турду:

–Атаке, ажалым жетсе өлөйүн, ал–күчүм жетсе бул эр менен, мен бир кагылышып көрөйүн. Жеңдирсем ушул баатырга, кордукту койдой көрөсүң, калбай баарың өлөсүң. Жараткан буюруп, жеңе турган болсом, кайра тартып Букарга, келбегидей кылармын. Атаке, сенин шаарыңды, кайра аттанып экинчи, көрбөгүдөй кылармын. Ай–талаада чабышып, кызыкты кыйла салайын. Чапканы жүргөн баатырдын, чамасын сынап калайын. Күчтүүлүгүн билейин, каруум жетсе калтаарытып, түбүнө чейин сүрөйүн.

Каныкей сөзүнөн экинчи кайтпастыгын түшүнүп, ансыз да кандай айла кылаардын эбин таппай карайлай түшкөн Темиркан кызына макул болбоско чарасы калган жок. Отургандар чуркурап, батасын берип жөнөттү.

Кең көйнөгүн шымданып, олондой болгон капкара чачты төбөгө кынай түйүп, көпкөк темир, курч болоттон жасалган ок тешпеген туулганы башына, ок өтпөгөн зоотту үстүнө кийди. Темирди сайса өтсүн деп, токтобой кирип кетсин деп, учун болоттон бөрү тил кылып улаткан комокойлуу сыр найзаны колго алып, кагышка салчу ак тинтени[1] ач билекке илип, жоо жарагын шайланып, алдына тарткан Каракашка аргымакка ыргып минди.

Көк найза колдо койкоюп, көк жеке[2] бутта чойкоюп, кара болот кылычты жанына жалаң байлаган көк жал Каныкей ургаачы жолборстой чамынып, жээликкен эме долуланып бакырып, «жекеге бери келгин!» — деп майдан талаасында эр Чубакты чакырып турду. Акылдуу сүйлөп бек таштап, Каныкей бейбак кеп баштады:

–Көк ырапыс тон кийип, көгала сындуу ат минип, жердин жүзүн калтырбай чалган сының көрүнөт. Кез болгонду талкалап алган сының

1 Тинте– шамшар, канжар.
2 Көк жеке–кандар, бектер кийүүчү өтүк.

көрүнөт, чоң Букарга кызыгып калган сырың көрүнөт. Көгала атчан эреним, көп жерди көргөн берeним, убадага туруп бер, өлөр антты кылып бер. Эрен болсоң, шер болсоң, Көгала оозун буруңуз, көп кепти айтам угуңуз. Жекеме жеке сайышып, чаманы чактап көрөлү. Мени сайып жыксаң, калкыма кабар салайын. Алтын таажым кийгизип, алтын такка мингизип, дүңгүрөгөн Букарды ушу сага билгизип, он эки капка Букарга аким кылып алайын. Сени сайып мен жыксам, эңкейтип аттан түшүрсөм, башыңды кесип алайын.

Каныкей мындай дегенде каарданган Чубак жообун айтып турду:

–Бул айтканың туура, баатыр. Айтканды кылбагандын жети атасы каапыр болсун! Убаданы бек кылалы, өлө турган шерт кылалы. Эми баатыр, сөлөкөтүң, атка минген келбетиң баатыр чалыш көрүнөт. Кабарың айта салыңыз, кайсы элдин каны-сың? Жөнүн айта салыңыз, жөн сурашып алалык, андан кийин беттешип, качырып найза салалык.

Анда долу мындай дейт:

–Ургаачынын узумун, мен Темиркандын кызымын. Калайманды далайга, салган бейбак өзүмүн, кадырым билген кишиге, Каныштын кара көзүмүн. Карсылдашкан адамга, качырса канга тойбогон, канчык жолборс өзүмүн. Баатырсынып, эрсинип, көпкөнүңө чыдабай, кең Букарды аламын деп келипсиң. Көпкөндөрдү көргөмүн, көөп келип катылып, көп өлгөнүн көргөмүн. Кыздан баатыр экен деп элиңизге айтыңыз, чатакташпай чырлашпай аман–эсен кайтыңыз. Кара көк жал кабылан канкор Манас болбосоң, чабышып чамаң келе албайт, алышып алың жете албайт, баатыр.

Каныкей мындай дегенде Чубакты кудай урду. Ал кезде Чубактын Таласка барып коно элек, Манаска чоро боло элек кези.

–Таластан Алай кем бекен, Чубактан Манас эр бекен? Мактаныш болот мунуңуз, ишенгениң Манаспы, ошо жерге туруңуз.

Кылым журтту буй кылган Чубак, Каныкейдин сөзүнө ызаланып, көк найзаны колго алып, Көгаланы санга бир салып, сайышка камданып кирди.

Мына ошондо Каныкей кыраан Чубак баатырды бучкагына теңебей, кымындай коркуп кенебей:

–Аянба, Чубак, аянба, керилип найза сала көр, кегинди менден алар көр,–деп Каракашка аргымактын тартып оозун буруп, кезегинди алгын деп, керилип карап турду.

«Эркек эмес, кыз болуп эңдирип ийер бекен деп, эпсиз баатыр эмеге, жеңдирип ийер бекен деп», жарданып турган көпчүлүк корконунан акылдан адашып, санаага батып турушту.

Ачууланган Чубак тегерегин карабай, теги жанын аябай, кыдырата карабай, кылча жанын аябай, жаалданып, кыйкырып, «эмчектин асты ушу — деп, өпкөнүн анык тушу» — деп найза менен уруп өттү. Зоотко тийген найзасы бөлөк–бөлөк бырқырап, найзанын учунан ат башындай ак була булап түштү. Карап турган Букардын журту чуркурап жиберди.

Эми Акбалтанын Чубагы Көгала оозун буруп, кыз Каныкейдин кезегин берип турду. Эр Чубактын найзасынан кабагым–кашым дебеген Каныкей аргымакка үстөккө–босток камчы уруп, акканкы эрдин кашы деп, жүрөгүнүн башы деп, өлөр жери ушул деп, кыргагы темир сыр найза менен уруп калды. Каардуу катуу баштаган Каныкейдин сайган найзасынан кан Балтанын Чубагы Көгаланын үстүнөн кулап кете таштады. Астындагы Көгала чыдай албай туйлап жиберди.

Сайган найза сексен бөлөк кыйрап калды. Ээринен көчүгү бошоп, үзөңгүдөн буту тайыган эр Чу-

бактын эси ооп турганына таң калган Каныкей Каракашка аргымактын оозун буруп, бир азга абайлап карап калды.

Астынан каршы чыгып адам уулу келбеген, бул өңдөнгөн кордукту өмүрүндө көрбөгөн Чубак каарданып, жаратканга жалынып, көөдөнгө батпай көп санаа, көзүнүн жашын он талаа кылып: «Он эки мүчө тең кылдың, ургаачыга ал келгис, мынчалык неге кем кылдың?»– деп арман кылды кудайга.

«Кызы мындай болгондо, кызыталак Букардын кыйыны келсе оң кылбайт. Катыны мындай болгон соң, кара жолтой Букардын, камбылы келсе соо кылбайт. Кан Балтага барайын, Алайда нойгут элимден сандаган колун алайын. Кайта келип Букарды андан кийин чабайын. Колду жыйып алайын, анан кийин бейбактан капкайда кегим алайын? – деп ойлоп, астындагы Көгалага камчы уруп, өзү менен кошо келген жигиттерине да карабай, Алайды беттеп жөнөдү.

Чубактын качканын көрүп, кайраттанган Каныкей:

–Кайгуулга чыгып жол жүрүп, кандуу Букар шаарына, келбегидей кылайын,–деп көк найзаны колго алып, Каракашка аргымакка бир салып: «Темиркан» деп ураан чакырып, каарданып бакырып: «Эркек болсоң качпа!» – деп эр Чубакты качырып жөнөдү.

–Желкемде чачым буубасам, адам болбой калайын, Акбалтанын көөдөгүн жерине чейин куубасам. Атыңдын оозун бура тур, кайта сайыш кылалы, азамат болсоң сен Чубак, алдыңкы жерге тура тур.

Айтканга Чубак болобу, коркуп калган бечара антандатып Каныкей кууп келатса, байласа да токтойбу. Будур–будур жер келсе, үстү–үстүнө камчы

жеген Көгала букадай мойну бултулдайт. Адырмак жерге келгенде Каракашка аргымактын айкашкасы жылтылдайт.

Ээн талаага келгенде жер айрылып закымдап, Каракашка аргымак Көгала минген Чубакка жетмек болду жакындап. Качат Чубак закымдап, Каныкей барат такымдап.

Муну мындай таштайлы, канкор Манас кабылан, карыя Бакай, Ажыбай ошондон кабар баштайлы. Эрендердин баарысы эригип элде жата албай, ат арытып, жер чалып, ит агытып, куш салып, салбырындап кыдырып, эриксе элик атышып, эрикпесе талаага эркин ойноп жатышып, көңүл ачып жүргөн эле. Ошондо Бакай ээр белдей белеске чыгып барып, астындагы тулпардың оозун тартып, төмөнкү сары талаада оргуп-оргуп чыккан чаңга турнабайын кадады.

Бакай бир аз карап турган соң Манас менен Ажыбайды чакырып, күбүрөп калды:

–Кулун жалдуу Көгаланын куугун куугандай аркырап учуп келатканы эмнеси? Үстүндөгү мингени шашып калган кези экен, алапайын таба албай качып калган кези экен. Жер айрылып закымдайт, арт жагынан бир караан жетүүчүдөй жакындайт. Эрдемсинген бу Чубак эпсиз жаман шашкан го. Букардын эли кууганда эси чыгып качкан го.

Көп өтпөй эки этегин делбектетип, Көгалага камчы уруп Чубак дөңгө чыга келди. Жейренче ыргып түйүлүп, артыктыгы билинип, учкан куштай зыркырап, басып өткөн таштары көмүрдөй ыргып быркырап, Каныкейге жеткирбей Көгала Чубакты куткарып кетти.

Кыраан Бакай качып келаткан Чубактын кебетесине ачуусу келип сурданып, Көктулпарды санга бир салып, антаңдаган Чубакка жебеден мурда жетип, тизгинден алып кетти. Артын кылчайып

карабай качкан Чубактын тула боюна көз салып, артынан жете келген Манас мурутунан жылмайып күлдү:

–Антаңдап качкандай, баатыр, анчалык сага не болду? Артыңдан кууган кишиң ким деги?

Чубак көргөн–билгенин шаша–буша айтып кирди:

–Оо баатыр, кыздан чыккан шер көрдүм, буюрбасын, кабылан, мен кылымга татыр эр көрдүм. Он эки кыздын кенжеси, Темиркандын эркеси, кара сурдун сулуусу, аял заттын нурдуусу, чиркин ай, артык тууган бала экен. Арыстаным, төрөм, өзүңө ылайыктуу жан экен. Узун чачтын ыктуусу, ургаачынын мыктысы, бул өңдөнгөн жан болбойт, Каныкейди албасаң эгерде ишиң оң болбойт. Төрөм, сөзүмө кулак салыңыз. Темиркан кызы Каныкей колукту кылып алыңыз. Каныкей алсаң баатырым, арбыйт экен дөөлөтүң. Түгөнөт экен мээнетиң, аябай жыргап жаныңыз, ачылат экен багыңыз. Жекеге чыгып сайыштык. Каныкейдин найзасы быркырап сынып калбаса, айлам кетип, ажалым жетип, силерди аман көрөт белем, ким билет? Ээримден көчүк кылтайып, акылым качып, эстен тайып, араң качып чыктым. Көк найза тийип соорума көмө сайып коёрдо, Көгала калды соо–бума. Сөздүн кыскасы, Каныкейди албай жол болбойт, төрөм, асты бир ишиң оң болбойт.

Эр Чубак мындай дегенде ээрдин кашын каккылап, Манастын кабагын алдыртадан байкап, мулуюп унчукпай турган Бакай абаңыз кеп баштады:

–Манас баатыр, кандай дейсиң? Жыл айланбай Букарга куда болуп баралы. Жетик тууган Канышка барып сөйкө салалы. Чатакташып чырдашпай, каада менен алалы.

Манас унчуккан жок, күлмүңдөп тим болду.

–Армандын баары арылды, арыстан Манас шериңерге Акбалтанын Чубагы айталаадан кабыл-

ды,–деп кубанган эр Бакай бээ баштаган беш тогузду баабединге чалдырып жиберди. Бабалардын салтын улап, ак буудай нанын чайнашып, Манас менен эр Чубакты достоштурду. Чалгынды бирге чалууга, Чамбылдан жылкы алууга, жазайыл тийсе көрүүгө, ажал жетсе өлүүгө, зулпукор мизин жалашып, убада–шерт кылышып, кырк чоронун башчылыгын Чубакка беришти.

Муну мындай таштайлы, баягы калган Каныштын кабарынан баштайлы.

Чубакты такымдап кууп келе жаткан Каныкей белестен чыккан үч кишини көрүп, ыйбаа кылып тизгинин жыйды.

Токтой калып толгонуп, үч баатырга көз кырын салып, астыртан сынап турду.

«Келчүүлөр келип калган го. Тетиги зоболосу бийик Манастын астында жүрсө акжолтой, артында жүрсө сан колдой, билбегенди билгизген билимдүү киши дечү эле, туйбаганды туйгузган туйгун киши дечү эле. Караңгыда көз тапкан, капилет жерден сөз тапкан касиеттүү Бакай го?

Тигил Аккула минип болкойгон, накери[1] бутта чойкойгон, сыр найза колдо койкойгон, күүгүм туман көздөнгөн, майлаган буудай жүздөнгөн, алтын менен күмүштүн ширөөсүнөн бүткөндөй, асмандагы күнүңдүн бир өзүнөн бүткөндөй, асмандагы ай, күндүн жаркынынан бүткөндөй, алп мүчөлүү көрүнгөн Манас баатыр экен го? Күйөө кылсам төрөнү күптүүнү жазар шер экен. Үзүлгөнүн уласам, чачылганын жыйнасам, чарпышкандын баарына чаркы жетер эр экен. Манастын Манас экенин, мен баштатан угуп билгемин. Манастыгы чын болсо, атайын издеп келер деп, жараткандын өзүнөн мен кургур, ошону тилеп жүргөмүн».

Каныкей сыртынан шерге көз салып, сынына толуп, суктанып, Жакыптын уулу Манастын кел-

1 Накер–ок өтпөс өтүк.

гендигин билди. «Көрүнсөм чеки болор деп, жолумдан тосуп келди деп, жаман атты кылар деп, жериме келди кетпес деп, жергеме барбай өтпөс деп, Манастыгы чын болсо, Темиркандын сарайга бир айланбай койбос»,–деп аркы–беркини ойлоп, Каракашка аргымактын оозун кең Букарды көздөй бурду.

* * *

Салбырындан[1] кайткандан көп өтпөй Бакай Манаска келип, аркы–беркы сөздүн ток этээр жерине өттү:

–Ойлонуп Манас муну бил, Каныкей алсаң оңосуң, калкка пааша болосуң. Сайып жүрүп бак кылар, салып жүрүп там кылар, санжыргалуу башыңды жер жүзүнө кан кылар. Теңдик менен албасак, зордук менен көнбөстүр, олжо болуп Каныкей оңой менен келбестир. Сан жетпеген көп малдын ээси кан Жакып атаңызга айталы. Миң карача төө берсин, миң кара кашка бээ берсин. Алтайдан келген кула бээнин башына ат башындай ак буланы байлап, саңдап жаткан түмөн малды кошуп, токсон нардын үстүнө толтура дилде жүктөтүп, Кыргыл чалды баш кылып, кырк чорого айдатсын. Ушул айткан көп малдын бирин койбой берсин дедиртип Ажыбайдан атаңызга айттыралы, кандай дейсиң, баатыр.

Бакайдын сөзүн эп көргөн Манас акылдашып, атасына Ажыбайды жиберди. Кепке чечен, чоң жүйрүк Аргын кандын Ажыбай таң атпай бай Жакыптын ордосуна салам айтып кирип барды. Манас менен Бакайдын салам дубасын айта баштаганда эле Жакып чамынып кирди:

–Кулаалы багып куш кылган, кутурган жыйып журт кылган, уулум дебейм Манасты. Тели куш ба-

---

1 Салбырын– көп адам узак жерге аңчылыкка чогулуп чыгуу, аң уулоо.

гып куш кылган, тентиген жыйып журт кылган, тукумум дебейм Манасты. Кулаалы учат жерине, кутурган кетет тейине. Тели куш учат жерине, тентиген кетет тейине. Алтайда малым бир чачып, абийиримди бир ачкан. Кетирген менин алымды, кемитип койгон малымды. Катын эмес Манаска канчык алып бербеймин, дегениңе көнбөймүн, кара кашка бээнин кара тайын бербеймин. Багып алар мунум бар, байкасаң алты уулум бар.

Жакып мындай дегенде Ажыбайдын каны бузулуп, ачуусу келип жинденип кетти:

–Аяш ата, кан Жакып, акыры бакыл экенсиз. Айдап жүргөн сан малың уулуң Манас куттуку, ыгына келсе жуттуку. Кайып айбан тоонуку, жайыттагы көп малың кара кытай жоонуку. Уулуң Манас чыкканы, казы кылды ашыңды, Алтайдагы калмактан азат кылды башыңды. Өрт каптар акыр үйүңө, өлөрман адам экенсиз, алты уулуң жетээр түбүңө.

Ичи күйүп ызаланган Ажыбай: «Айкөл Манас болбосо агызаар элем каныңды, такыр айдап кыйратып, жок кылар элем малыңды»,–деп оң колунун ачуусун сол колу менен басып: «Ардактаган айкөлдүн атасын чапсак болбос деп, кан Жакып акыры бир оңбос деп, урумда болбойт мындай иш, бул Жакып эгерим эки болбос»–деп, кан Жакыпка таарынган Ажыбай болгон сөздү Манас менен Бакайга айтып келди.

Манас менен Бакай бир азга түнжурай түшүштү. Боло калган жымжырттыкты бузуп Бакай сөз баштады:

–Жакып атабыз өздөрү келип, дайындарын айтпайт деп таарынып жаткан чыгар. Баладан аянган ата болмок беле, чогулуп барып алдынан өтөлү, кандай дейсиңер?

Бакайдын акылын эп көргөн Манас Кыргылчал менен Ажыбай, Алманбет, Чубак, Сыргакты ээрчи-

тип, Бакайды алдыга салып, бай Жакыпка салам айтышып, кирип барышты. Ал–жайды сурашкандан кийин Бакай сөз баштады:

–Жакып, ата, уулуңуз Манастын сөзү бар экен сизде. Алган зайыптарым Карабөрк менен Акылай жөн чыгып калды. Каада билбеген, кыялы чатагынан үйүмө киши кара катташкандан качып калды дейт. Уулуңуздун анысы деле ырас, биз деле көрүп–билип жүрбөйбүзбү. Ичинен түтөп, калыңдык менен кайгырбай, баатырдык менен байкабай, эрдиги менен элебей буга чейин чыдап келди. Эми төшөк жаңыртсам дейт.

Отургандар кандай жооп болот дегенсип Жакыптын оозун тиктешти. Жакыптан сөз чыккан жок, кумсарып отура берди. Далайдан кийин тымтырстыкты Манас бузду:

–Кечээ калк үчүн намыс талашып, Кайып канды каратып, ат жалында кармашып, ырас, каркыралуу кыз алдым. Же куда тосуп, той жасап, жеңе жандап, кыз кууп, качан барып мен алдым? Кечээ каптап уруш салышкан, мага каруусу келбей чабыштан, айыбына жыгылган мен кызын алдым Шооруктун. Оюма түшүп көп нерсе мен бүгүн айтайын деп оолуктум. Катын алып бергин деп отузга жашым чыкса да мурда басып келбедим. Же өзүң билип балам деп, ак никелеп өзүмө катын алып бербедиң. Уруш менен талашта өзүм алдым экини, ушу турган–отурган, же бул айтканым чекиби? Калмактан алдым Карабөрк, калчадан алдым Акылай, экөө тең кабат төрөбөй, туяксыз өтүп кетем деп, болбой турат көөнүм жай.

Кумсарган Жакып мурдагыдай болбой, башын шылкыйтып, кулагын салып, көңүл коюп, уулунун сөзүн угуп олтурду.

Манас сөзүн улантты:

–Кулдук уруп дайындап, куда болуп кайындап, кутулбасаң карыздап, дүнүйөңдү жакшы көрсөңүз,

канча чыгым болсо да өлбөсөм өзүм төлөймүн. Ата, өзүңүз билесиз, анча-мынча ургаачы купулума толбосун. Эркелетип өстүргөн эркеги жок кызы бар, жалгыз кыздан болбосун. Үкүлүү сексек, дөң маңдай, түштө туруп керилип, мен кандай деп чоюлган жардынын кызы болбосун. Эркелеткен эри бар, күбүр-шыбыр кеби бар, эртели-кеч көз кыскан жандама күткөн эри бар, бийдин кызы болбосун. Аалымдыгын ашырган, ар иш кылса жашырган пирдин кызы болбосун. Чачылуу чачпак, чалма этек, караңгы үйдөн каймак жеп, «атамдын көзү барында, ар ким кардал малына, алар эрим мырза» деп, байдын кызы болбосун.

Күнөөсүн мойнуна алып, мурдагыга караганда бир аз жумшарып келаткан бай Жакыптын ачуусу келип кетти.

–Анан кандай кыз болсо дейсиң? Тигиниси да жакпаса, мунусу да жакпаса...

Иштин оң жагына башталганы турганын баамдаган Манас жумшарды:

–Кары-жашка эп болсо, мен биле турган кеп болсо, оймоктуудан узду алам, оюма жүргөн кызды алам, керемети кенди алам, акыл-эси, санаасы, мени менен теңди алам. Алты жылдык зыянды биле турган кызды алам, акыл кошуп жаныма жүрө турган кызды алам. Жан жолдошко жаман сөз айтпай турган кызды алам, жаман жерге жамбаштап, жатпай турган кызды алам. Бейжайлык менен кесирди билбей турган кызды алам. Ачыгын сөздүн сүйлөйүн, тайсалдатып не кылам, Каныкейди эле алсам деп турам.

Уулунун сөзүнө ынанып, жумшарып, кабагы ачылган бай Жакып чорологро кайрылды:

–Алмамбет, Бакай баш болгон чоролордун мыктылары отурасыңар бул жерде, кандай кылса дейсиңер? Акылыңарды айтып, кеңешиңерди бербейсиңерби?

Жакыптын жумшара баштаганына ичинен кубанган Бакай кепти улантты:

–Баланы ата үйлөмөк, баштагынын наркы бар. Жаманбы, жакшыбы, балаңыздын Манас деп чыккан даңкы бар. Алоокенин тушунда Алтайга кеттиң айдалып. Алтайдагы калмактын азабын тартып куурадың, кишенсиз, жипсиз байланып. Арыстан Манас чыкканы аябай көөнүң жайланып, атаңдан калган Таласка кайта келдиң айланып. Бир кезекте бай Жакып, дүнүйө жыйдың эпендеп, кайгыланып сен жүрдүң, каза жетип көз жумсам, талаага малым кетер деп. Көк жалың көңүлдөнүп калыптыр аял алсам экен деп, эми кандай айла кылалык? Алып берип жанын тындыргын, уулуңдун айтканына ылайык.

Бакайдын кеби кеп болуп, бардык журтка эп болуп, Манас Атайдын уулу Боокени, Акымбек уулу Мендибайды, Алыбек уулу Жокени жолдош кылып, ак чатырды бүктөтүп, алты атка кошун жүктөтүп, кан Жакыпты жуучулукка жөнөттү.

–Кыз табылса кокустан кысынып кантип турам деп, кызыл чака пул бербей, кулдукту кантип урам,– деп Жакып алтымыш жамбы пул менен, кызматкер кулу менен аттанып жолго чыкты.

Самаркан элин сапырып, жарды–байын аралап, Оро–Төбө, Жызакты, анын баарын кыдырса да кыз табылбай, Сыр–Дайраны кечип, андан да жолу болбой, Чыйырчыктыдан да көөнүнө кыз толбой, андан да өтүп, жай саратан маалында Ташкендин кирди шаарына.

Улуу–кичүүдөн, аксакал–көксакалдардан айлыңда кыз барбы?–деп сураштырып жүрүп Ташкенден да таба албады. Айласы кеткенде башка элден издеп жөнөдү.

Күн батыштагы айтылуу эли–журту бар, атакдаңкы кыйлага кеткен Кыйбаны да кыдырды.

Кечип өттү Кейипти, карып калган чагында, кыз издетип кылымдан, Жакыпты Манас кейитти. Илгертеден илимдүү, уламалары билимдүү, белгилүү улуктары бар, издегенимди ушу жактан табамбы деп, Букарды көздөй бет алды. Көңүлүнө бул жерден да кыз толбоду. Акырында Алым мырза деген мыктысын табышты. Ал кан Жакыптын суроосун көңүл коюп тыңшап, кыздын дайнын билдирди:

–Атасынын аты Темиркан, отуз калаага кан болгон адам. Санирабийга деген кызы бар, кырк нөкөр жолдошу бар, буларды эркек пенде эч көрбөйт, аламын деп жан айтпайт, аламын деп келгендин далайы өлүм тапкан. Кыз жактырбай кылымдан, кыдырып келген экенсиз, сизге бир жакса ушул кыз жагат.

Акысына эки жамбы алган Алым мырза кан Жакыпты кыз турган жерге алып келди. Дагы эки жамбыны кароолчуларга берип, алардын айтканы менен болуп, кандын бакчасына жашыруун эшик менен кирди. Аккан суу–нун аягы көлгө куюп, айланасын жаңгак, алма менен бадам, алча менен жүзүм, жер жайнаган түркүн жер–жемиш каптап, чытырман калың чер экен. Абуз[1] көлдүн кылаасы кыз ойноочу жер экен. Ар түрлүү оюн ойношуп, аккан сууну бойлошуп, Жакыпка жакын барышып, жайнап турган жемишке кыздар жабылып кирди. Далдоо жерде көз салып турган Жакыпты көрүшкөн да жок.

Чылк жибекке чырмалган кыздардын арасынан алтынданган жыгасы оң чекеде кырданган Санирабийга кызга көзү түшүп, жыла сүйлөп шыңк этип күлгөнүн жактырып, он алтыдан ашып, акылга толуп турган кезин байкады. Жазы маңдай, кара көз, жатык тилдүү, ширин сөз, аркасы кайкы, ар-

1 Абуз– кол менен жасалган көлчө.

кар төш, ай чырайлуу ботокөз, кызыл жүздүү нурданган, кымча бели буралган, олондой кара чачы бар, келишкен кара кашы бар, кийген кийми жарашкан кырк бир кыздын ичинен жылдызы артыкча жанган кызды жактырды.

Желке жагы тар экен, жетигип жашы толгончо туубастык жайы бар экен, тууган менен тукуму турбастык жайы бар экен. Жаман деп киши айтпаган, сыйлуу болор киши экен. Алганынан айрылса, кирпиги узун, тунук көз, ыйлуу болор киши экен. Жетишпедим дегенге жеңин кесип бергендей, берендик жайы бар экен. Жеткире акыл ойлогон терендик жайы бар экен. Дүнүйөсү чачылып, жайнап жатса да көтөрүлбөгөн мүнөзү, жаман–жакшыны ылгай билген, ыгын билип ар жанга, ар кимдин тилин таба билген, бечарага карамдуу боорукерлигин баамдады. Телегейи тең экен, ойрон болгон дүнүйө ай, мунун төрөт жагы кем экен,– деп Жакып катуу өкүндү.

Куурайдын түбүндө жаткан кыраакы чал көп кыздарга эрикпей көзүн салып, сынап болгончо алар да жыла басып, бакчадан чыгып кетишти.

Бай Жакып да ордунан туруп ордого бет алды. Кан ордонун мыктылары отурчу супага барып, чалкалай тартып эс алып олтурду эле, эки желдетти ээрчиткен ордо кызматчысы кирип келип, эки колдон алды.

–Аркалыктай мүнөзүн, аксакал кайдан жүрөсүң? Айдап жүргөн малың жок, артып жүргөн пулуң жок, же айткан сөзүндүн туруму жок. Ордосуна паашанын осолдуктан киргенсиң. Каада билбей, салт билбей, кан отурчу орунга отуруп алганыңыз кандай? Келген–кеткен жолоочу токтой турган өзүнчө жай бар, ошо жакка барыңыз.

Бай Жакыпка бек менен эки желдеттин кеби катуу тийди.

–Бекер келген мен эмес, бекер неге жүрсүң деп, бекзаада айтаар кеп эмес. Каңгырап келген мен эмес, календерге кошул деп, канзаада айтаар кеп эмес, Ачып кара көзүңдү, аңдап сүйлө сөзүңдү. Азыр мени сойсоң да, алек кылып жүрбөйүн акимсинген өзүңдү. Ондоп кара көзүңдү, ойлоп сүйлө сөзүңдү, он эсе мени бөлсөң да, ойрон кылып жүрбөйүн ушу жерден өзүңдү. Кары дешиң кээ болот, кан олтурган орунга, кан отурса не болот? Жуучу келди кызга деп, журтуңа айткын мындай кеп, кайната келди кызга деп, калкыңа айткын мындай кеп. Темирканга барыңар, жуучу келсе өлтүргөн ачуулу экен каныңар, эгер мага кол тийсе айтты–койду дебегиле, аман калбас жаныңар.

Жакып ачууланып баркылдады эле желдеттердин огобетер кыжыры келди:

–Аркалыкка кыз бérээр акмак барбы бул жерде. Чал тоюпсуң жаныңдан, Темиркан укса бул сөздү кашык кан тамбас каныңдан. Бенде көрбөс кыздардын бетин кайдан көрдүңүз. Сүйлөгөнүң түркү тил, өз уругуң ким болот, өз ажалың өзүң бил.

Бек жанындагы мыршаптын[1] демиткени Жакыптын жанын кашайтты:

–Менин дайным билгиңер келсе, Азиреттин Кара–Тоосун жердеген Жакып деген мен болом. Атам Ногой, уругум кыргыз. Жуучу келдим дегенге өпкөң неге кысылды, өңүң неге бузулду? Кызга жуучу келгенди кырып жүргөн шекилдүү, өзүңдү өзүң күүлөйсүң, өлтүрөм деп сүйлөйсүң. Өлсө жалгыз чал өлөр, кетсе жалгыз чал кетер, жалпы тажик не көрөр?! Кек алганмын далайдан, келген жерим Алтайдан, кекетип кечке сүйлөйсүң жеп ийчүдөй сен айбан. Олтурба менин жаныма, кыргыздан жуучу келди деп тез айтып бар каныңа.

1 Мыршап– жигит, жасоол.

Желдеттердин башчысы Акылбайыс Темирканга Жакыптын келгенин баян кылды:

–Урматтуу каным, жуучулукка келдим деп бир аксакал киши сыртта турат. Кан отурчу чарпаяга отуруп алган экен, бул жөн адам отурчу жер эмес, бул жерден кет десек, өзүбүздү сөгүп, адам айтпаган кепти айтты. Буйругуңуз боюнча мыршап өлтүрөм деп сүйлөнсө өжөр өкүм чал экен, кайра өзүнө күүлөндү. Атым Жакып, уругум кыргыз, турган жерим Азиреттин Кара–Тоо, Анжыяндыкмын дейт.

Муну укканда Темиркандын шайтаны кармап, ачуусу келди. Аркы–беркини ойлоп, Анжыянды тыштап, Манастан качкан Алооке эсине түштү. Капкама келип катылган, ордомо келип оолуккан, оңой эмес го деп, Акылбайыска дагы эки бегин кошуп кайра жиберди:

–Жанында жоро жолдошу бар бекен, минген аттары, жүргөн туруму кандай экен, анык–жөнүн тактап, анан келбейсиңерби, наандандык кылбай! Азыр кайра баргыла, аты–жөнүн, ата–тегин, насилин сурагыла. Менин ордомо келип дүпүлдөгөн кайдан чыккан неме экен, жөнсөгүрөөк неме болсо көзүн тазалап койгула.

Темиркандан тапшырма алгандар Жакыпка кайра келишти. Абдыкалык суроо салды:

–Өзүңүз улгайып калган адам экенсиз. Бешимден бери бул жерден кетпей турасыз. Корбашы чыгып кокустан кордук кылып койсо не болот? Календарканага барбапсыз, айткандын тилин албапсыз. Кай жерден болот элиңиз, каңгып кайдан келдиңиз?

–Көк тиреп чыккан багыңар, заңгырап турган тамыңар болгону менен конок күтүп, сый–урмат көрсөткөндү билбеген тээжигирээк жайыңар бар экен. Болбосо ат арытып, алыстан келген киши-

нин алдына аш коюп, чай берип, анан тек жайды сурабайсыңарбы? Ашыңарды сатсаңар пулун мен төлөйүн. Тегимди терип көп сурап, тегиң барбы деп сурап, тексиз киши дедиңби? Темтейип келген бир чалдын, тегинен запкы жедиңби? Башкы атам бар Бабыр кан, уругум Улуу кыргыздан. Бабырдан кийин Бууракан, бузук кылган душмандын башын койдой мууздаган. Бууракан уулу Түбөй бар, түп Бээжин менен чабышып, түбүнөн алдам болгон жар. Түбөй, Көгөй бир тууган, кармашкан жерин кан жууган. Түбөйдүн уулу Ногой кан, Ногойдун уулу Жакыпмын, ордоңорго кор болуп, ушу бүгүн жатырмын. Кыз үчүн мени кыйнаган атасы болом Манастын.

Жакыптын минтип опурулуп сүйлөгөнүнөн чочуп, эр Манастын атагын мурда угуп жүрүшкөн экен, боконо жүрөгү болкулдаган Акылбайыстын жүрөгү кетип кабынан, билеги кетип сабынан, силер мында тура тургула деп, калгандарына тапшырма берип шашкан бойдон Темирканга жөнөдү.

Акылбайыстан Жакыптын дайнын уккан Темиркан шашып калды:

–Кылымдан киши жеңбеген, кыйынга калган экенбиз. Ааламдан киши жеңбеген, азапка калган экенбиз. Келген конокко көңүл бөлбөй коюп, уятка калган турбайбызбы. Бектер келип эс алчу меймаканага жайгаштыргыла. Аркалыкты наадан деп, бала–бакыранын оозунан жаман сөз чыгып, азапты мага салбасын, этиет болгула. Тим эле отура бербей жактырган кызынын аты–жөнүн, дайынын билгиле.

Кандын буйругу менен Жакыпты жолдошторуна кошуп, конок үйгө киргизишип, дасторконду кенен жайып, түркүн–түркүн даамды жайнатып, чай сунулуп, жай сурашып, сөзгө киришти. Уулу Манастын Каканга чатак салганын, Анжыянды

кантип алганын, уулуна кыз издеп көп жерди, көп элди, көп шаарды кыдырып, кыз жактырбай ушул шаарга туш болгонун, кан бакчадан көп кыздарды көрүп, Санирабийга деген кызды жактырганын бай Жакып төкпөй–чачпай айтып берди. Сөзүнүн аягында:

–Караңдыкы болсо да, канындыкы болсо да, төрөңдүкү болсо да, жөнүңдүкү болсо да, бекердики болсо да, бегиңдики болсо да берсин кызын балама. Бербей коюп ал кызды бей жатам деп санаба,–деп койду.

Муну уккан бектер канына барып болгон сөздүн жөн–жайын айтышты:

–Жатып алып камышка, кыздын баарын көрүптүр, жарыбаган абышка. Санирабийга кызыңызга көзү түшүп жактырып, жалгыз ошону самап калыптыр. Берсе берем десин, бербесе бербейм десин деп, каапыр чал бизди камады, кандай кылабыз, каным.

Темиркан шаардагы бектерди, удайчы менен даткаларын, казы менен мыктысын, калкы сөзүн укчуусун, айыл–айылдын башчыларын тез чогултуп келгиле деп, туш–тарапка мыршаптан жетөөн чаптырды.

Чогулуп келген мыктыларга Темиркан сөз баштады:

–Аз жыл болду келгени, Алтай менен Жылдыздан, уругу кара кыргыздан, Жакып деген чал турат, балам Манас эле деп, бар дүйнөнүн камын жеп. Жамандык менен келбептир, жаркын кызым Саанини көрүп алып дегдептир. Кезиккени биз болуп, издегени кыз болуп, Манаска бер деп балаңды капыр чал кыйнап турат, буга кандай дейсиңер? Кызды бербей койсок туу көтөрүп турушуп, тулпар минип жулушуп, тумшугу жок кыргызды жеңебизби урушуп? Билген–көргөн эл айтат, бири миндик

деп айтат. Кара кыргыз калкы дейт, карсылдашкан душмандан качпай турган наркы дейт. Азапты салып элине, беттешүүгө бел байлап, урушууга дем байлап, майдан жерге барышып, башты аябай жарышып, ач бөрүдөй алышып, арманы жок чабышып, айкырып уруш салып, өлүмдү моюнга алып, өлбөгөн жерде калып урушарың барбы? Кылычты кындан чечишип, кызылдай жандан кечишип, кандуу тон чечип кийишип, кармашарың барбы? Алтайдан келген кыргызга, ажыдаардай октолуп арбашарың барбы? Же сураган кызын берип, эл болуп жарашабызбы? Оюңарды айткыла, мыктылар.

Темиркан сөзүн бүтүрүп, көпчүлүккө карады. Антели–минтели деп арасынан бирөө батынып сөз айталбады. Элейишип далайга туруп калышты эле, бир кезде Акылбайыс сөз баштады:

–Карыялар айтчу эле, ырысы жокко доочу көп, ырыстууга жуучу көп, ырысы качкан кай бирөө, келсе жуучу куучу деп. Илгеркилердин сөзү ырас эмеспи, каным. Балаңыз өсүп жетилди, байкап көрсөк жашы быйыл он алтыдан ашкан кези. Өмүр бою эле төркүнүндө жүрө бермек беле, кызды алып эркек кетмек бар, таалайы кандай ким билет, талабына жетмек бар. Баатыр Манас кабылан кара кыргыз каны экен, кабарын билсек мүнөзү канга ылайык жан экен, бирок жашы канчага чыгып калды экен? Ошол жагын байкайлы.

Акылбайыстын сөзүн Абдыкалык жулуп кетти:

–Жашап калган жан болсо, кызыбызды бербейбиз десек азапка бизди салбайбы. Андан көрө силерге эп болсо, аркалыкка калыңды көп салалы. Оюңа келген малды, оозуңа келген пулду, кызматыңа кулду салалы. Арбын малды салган соң айласын таба албай, ордодогу жүргөн кузгун чал убара болуп сандалып өзү кетет, бул чалдан бир кутулсак ушинтип кутулабыз.

–Абдыкалыктын сөзү да жөндүү,–деп калышты отургандар.

–Эмесе кандай кылалы?–деп сөздү улантты Акылбайыс.–Кыз берсек кызык кеп болот, кыргыздан келген куу чалга канча мал салсак эп болот. Удайчың бар, бийиң бар, мансаптуунун баарысы, миңден чыккан бириң бар, панжа[1] башы бегиң бар, баарыңар бул жерде карап отурасыңар, кандай айтар кебиңер, эмне деген сөзүңөр бар? Төө деген мыкты жаныбар, канча деп айтсак эби бар? Аспиден[2] канча салалык, айдатып арбын алалык. Келеден[3] канча салалык, көбүрөөк кылып алалык.

Шуудурдан[4] үчтү, жылкыдан жүзүн, беш жүз кой, бакардан[5] отузду, кулдан эркек, ургаачы кылып экини айтсак туура болоор,–деп напсилүүсү айтса:

–Жамбыдан жана салалы, кызыл алтын дилдеден кыйланы айтып калалы, эсирип келген куу чалдын эсин бир оодаралы,–деп экинчиси күпүлдөдү. Бирөө кызыл алтын дилдеден миңди десе, экинчиси аны жактырбады:

–Ушу азыр миңди табар киши барбы? Өзү көчмөн кыргыз болсо, алтынды көрдү дейсиңби? Беш жүздү айтсак да бекер кеп болор, мыкты болсо бул кыргызың эки жүзгө алы жетет.

Ал жердеги мыктылар ар кимиси ойду–тоону айтып, өз билгенин бербей сүйлөп жатканда Темиркан алардын сөзүн бөлдү:

–Урматтуу улуу бектерим, кыз берээр кыял менде жок, айткан малыңдын саны купулума толбой турат. Кыйын деген бектерим, кымындай акыл силерде жокко деп турам. Болбосо кыргыздын кан-

1 Панжа– аскер.
2 Аспи–жылкы.
3 Келе– кой.
4 Шуудур–төө.
5 Бакар– уй

дай эл экенин билет элеңер го!? Эмесе кыргыздын малы көп болот, кыйналбай келип калбасын, кызыңды бергин ылдам деп, кыйынчылык салбасын. Кудайга шүгүр, өзүмдүн малым, өзүмдүн дүнүйө-мүлкүм өзүмө, өзүмө эмес бала-бакыра, укум-тукумуна кенен жетет. Ошентсе да өзүңөр айткандай, бай Жакып келсе асылып, биз ага мал салалы какырып. Алты жүз кызыл нар болсун, артылган арбын зер болсун. Адырым толгон мал болсун, эки миң аппак кой болсун. Элүү күнү той болсун, маңдайында агы бар, эки жүз кара уй болсун. Мал айдаган кыз болсун, шумкардан токсон куш болсун, бүркүттөн жүзү туш болсун. Күлүктөн берсин эки жүз, жоргодон берсин жети жүз, төөдөн берсин эки жүз. Жолборстон берсин жетини, шерден берсин экини, букадан берсин мынчаны, буурадан берсин анчаны.

Ушуну кайдан табат деп, укканда эси ооп калат деп, акылынан шашат деп, арбын малды таба албай алда кайда качат деп, мал бере албай кетет деп, алы кайда жетет деп, бербейбиз деп туура айтсак, айып болуп калаар деп, ушунча малды салды деп, Манасын көздөй барар деп, тапса кызды алар деп, таппаса куру калар деп, жакшы-жаман баарысы, улуу-кичүү карысы Темиркандын сөзүн эп көрүп калышты эле, Шаатемир карыя колун көтөрүп, сөз баштады:

–Темиркан баатыр, өзүң баш болуп, Букардын болгон мыктылары отурасыңар бу жерде. Мен бир сөз айтайын, көңүлүңөргө жагып эп келсе угаарсыңар, жок, болбосо сөзүмдү кайра аламын. Сураганы кыз болсо, бизге сырттан Манас туш болсо, серпишкени аман калбаган, ойлосоң боло Темиркан, бул дүйнөнүн жүзүнөн эр Манас кызыңды сенин тандаган. Бербеймин деген эп эмес, бербей коёр сен эмес. Арыстан көк жал Манастын атасы келсе акылга,

бербей кызды койчу эмес ал өңдөнгөн баатырга. Бу куруп калган зор Манас күйөөлөп кызга бара элек, калп айтпаса кары-жаш, ат жалын тартып мингени күйүмдүү катын ала элек. Кадимден бери Букардын каалгасы бек болсо, шылтоолоп калың салбастан, Рабийганы берели кары-жашка эп болсо.

Бул сөздү укканда улуксунган Темиркан башын жерге салып үн-сөзсүз отуруп калды. Жанындагы отурган жакшылардын бирөө да былк этпей, чай кайнамга ордо ичинде тым-тырстык өкүм сүрдү.

Далайдан кийин Темиркан баш көтөрүп:

-Шаатемир карыяныкы да бир четинен эп, бара көрөөрбүз,-деп өзүнө өтө жакын сакалдуу-көкүлдүүдөн алып, бай Жакыптын үстүнө кириште.

Учурашып, ал-жайды сурашып, жайланышып отургандан кийин Темиркан сөздү баштады:

-Кадамыңыз кут болсун, кас кишиңиз жут болсун. Келээриңизди кабарлап койбой, сиздин алдыңызда катуу уят болдук. Жол болсун, бай аке?

Бай Жакып өткөн-кеткенден баян кылып, аягында сөздүн ток этээр жерине келди.

-Кечээ мен Таласка келгенде, чачылып тойду бергенде кандын бири сен болдуң, карыяңар мен болдум. Арадан өттү нечен жыл, бүгүн үйүңө келип мен кондум. Коно турган эбим бар, айта турган кебим бар. Аркасы менен Манастын сага келдим көрмөккө. Аз калды бизге, Темиркан, ажал жетсе өлмөккө. Ырысы тайкы адамга, ар күнү доочу келбейби. Ырысы толгон адамга күн сайын жуучу келбейби. Томогосун ала элек, тоодакка шилтеп сала элек сизде бир шумкар куш бар дейт, сары алтындай салмагы, сизде бир жакшы кыз бар дейт. Кудалашып келсем деп, кулдук уруп мал берип, балаңа сөйкө салсам деп, аттанып келдим элиңе, кандай дейсиң Темиркан, жооп берчи кебиме?

Муну уккан Темиркан Жакыпка шар жооп бералбай, сакалын салаасы менен тараган болуп, бир топко чейин унчукпай туруп, анан далайдан кийин сөз баштады:

–Кыз бала болсо жаш эле, ойноо кези мас эле. Бай Жакып кандай кылайын, күйөө болчу кишиң ким, атын айтчы угайын.

Бай Жакып Темирканга карады:

–Темиркан баатыр, жаш дегениң жалган сөз, балаңдын тиле бактысын. Он жаштан ылдый жаш дегин, он алты жашка келгенде оюнда жок болбосо, ойротко бүтүн баш дегин. Күйөө болчу балаңыз кудайдан сурап алганым, кубаттуу Манас ардагым.

Темиркан Жакыпка таарыныч кылды:

–Айтаарың, Жакып, ушубу, кантип айттың ушуну? Айкөл Манас баа–тырдын бар дейт ко эки катыны. Күнүгө балам күйөбү, күйүттүү киши сүйөбү? Кызым ойноо бала жаш болсо, ага эки ажаан катын кас болсо, оокаттын жайын билбесе, омуроолоп баланы ар кимиси тилдесе, элдин жайын билбесе, аңырандып катындар аңги болуп тилдесе. Кан чеңгелдеп туулган, качырган жагы чуулган, кан ичме дейт Манасың, балама кордук кылбасын? Бир муштаса баламдын колу–буту сынбасын. Кырк чоро кырка мас болсо, кызматын кылып берүүгө кыз балам менин жаш болсо, аңги айгырдай кишенеп, эки катын кас болсо! Кой, Жакып бай, сөзүңдү, ызаат кылып меймандап, мен узатайын өзүңдү. Кой, Жакып бай, кебиңди, башка жерден алаарсың ылайыктуу келинди.

Бай Жакып Темиркандын бул сөзүн уккандан кийин бир аз шагы сына, мукактана түшүп, сөзүн улантты. Айласы кете түшүп, Каработк менен Акылайды Манас кандайча алганынын жөн–жайын да айтып жиберди.

Аттанып чыктык алтообуз, балам үчүн кыз издеп. Көп жерди көрдүк, көп шаарды кыдырдык, би-

рок дагы кыз жакпай, көңүлгө толгон кыз таппай, сиздин балаңызга туш келдик. Темиркан, сага мен төркүлөп келдим карганда, маңдайым жарык болсо экен кайрылып үйгө барганда. Куп десең кулдук урамын, нике кайып буюрса, кубанычтын үстүндө куда болуп турамын.

Темиркан далайга чейин ойлонуп, бир жагынан карасаң Шаатемир карыянын айтканы деле эп эмеспи деп ары толгонуп, бери толгонуп, калыңды арбын сурасам айнып кеткиси бардыр деп, баягы мыктылары менен акылдашкан кепти ортого салып, калыңдын жайын айтты:

–Бай Жакып, мынча келип калыпсыз, сураган кызды берели, калың малды айдап келип, каалаган кызды алыңыз.

Бай Жакып баркылдап сүйүнүп кетти:

–Кулдугум бар кудайга, мал аябайм мындайда. Ыраазымын өзүңө, салган калың малыңды он беш күндүн ичинде көрсөтөмүн көзүңө. Сандык толгон зээрим бар, ак калпак кыргыз элим бар, балам аман кезинде кудайым бар, курдаш бар, кайсы жерде кемим бар.

Сөзүн бүтүп бажактап, Меңдибайга карады:

–Кулдук пулуңду[1] бер, Меңдибай.

Меңдибай куржундан бир шаңшуур жамбы алып чыкты эле, көңүлүнө туура келбей калдыбы, бай Жакып:

–Байбереке болбо, берерди өзүм билейин, куржунду бери жылдыр,–деп Меңдибай кармата койгон куржунга колун салып шаңшуурдан[2] онду, чочпарадан[3] онду, тайтуяктан[4] онду алып ортого койду. Карап отургандар:

---

1 Кулдук пул– күйөө жак колуктунун ата–энесине өз алына жараша түрдүү өлчөмдө акча же мал берген.

2 Шаңшуур– жамбынын түрү.

3 Чочпара– акча ордуна жүрө турган уютулган алтын же күмүш.

4 Тайтуяк–тайдын туягынын формасында уютулган күмүш акча.

–«Ушунун баарын береби» деп, көздөрү бата аяктан өтүп кетти. Бай Жакып баягынын үстүнө алтын жамбыдан дагы бирди койду.

–Чалыбыз кыйын чал экен, билинбей алып жүргөнү бир кыйла дүнүйө мал экен. Өлөрман чал деп биз жүрсөк, тимеле шекер–шербет бал экен,– деп күбүр–шыбыр болуп, Жакыптын жоомарттыгына таң калышты.

Бай Жакып Темиркандын көөнүн жайлап, кабак–кашын байкап, сөздү ары улантты.

–Темиркан куда, кичүү кызыңыз Арууке да бойго жетип, бышып турган маалы экен. Алмамбет аттуу кичүү уулум бар, бирөөнө бирөө сүрөө болсун, Аруукени бериңиз, ага да кулдук урайын, Санирабийга кызыңдан Аруукени ажыраткан эп эмес, эр Манастан Алмамбеттин эч бир жери кем эмес.

Темиркандын ачуусу келип, бай Жакыпка акырая карады:

–Бай Жакып, бир кызга сөйкө салып жатып, качып келген кытайга кызыңды бер дегениң эп эмес. Бербеймин кызды кулуңа, көнбөймүн Жакып мунуңа. Укпаймын сенин сөзүңдү, ким дейсиң менин өзүмдү. Токтоткун байым кебиңди, айткан малды айдап кел, алып кеткин келинди.

Темиркан этек–жеңин силкинип, ордунан ободула берээрде жан жигити Калматай этектен тартып отургузуп, кулагына шыбырады:

–Э, Темиркан каныбыз, айткан кебиң акыл де, салган малды табалбайт, эмне десе макул де. Кытай кызды алабы, берсең да кызың барабы? Кулдугун ура берсин, берген алтынын ала бериңиз, калыңын көбүрөөк сала бериңиз. Ошончо малды самсытып айдап келгенге каруусу келээр дейсизби?

Тунжураган Темиркан .далайга жооп бербей туруп, Калматайдын айтканын эп көрүп, жоошуй түшүп, Жакыпка макулдугун берди.

Кыргыздын заңы кандай деп ары кетип, берип кетип жатышып, өз элинин салтын тутушкан тажиктер кызыл кымкап дейилдеден[1] үч сарпайы[2], башайы менен бейкасамдан тогуз сарпайы кийгизишип, сыр–урматын көргөзүшүп, кудаларын жакшы тилек менен аттантып жиберишти.

– Бабасы мындай чал экен, Манасы кандай жан экен, атасы мындай чал экен, акылга дыйкан бул кызды алары кандай жан экен?–деп күйөө баланы көрсөк деп дегдешкен бектер аркы–берки сөздү айтышып, соогат, салам барбы деп Темиркандын үйүнө киришти. Элге, журтка кеп болбоюн деген Темиркан алтын жамбыны өзүнө калтырды да, бай Жакып калтырган алтын, күмүштүн баарын чыпчыргасын калтырбай отургандарга тараттырды. Бата аяктан олжо алган ар уруунун жакшылары баталарын берип, жакшы тилектерин айтышып, тарап кетишти.

Барган жерден жолу болуп, Темиркан менен кудалашып, көңүлү толгон бай Жакып жан жигиттери менен тынбай үч күн жол жүрүп, Чөл–Биябан талааны басып, азиреттин Кара–Тоосуна жетишти. Ага–иниси, эли–журту жайма–жай жаткан экен, келээр менен күн болжошуп, ага–тууганына кабар жиберди. Манас Алмамбет баштаган чорологу менен жети күн мурда Кара Тоого ууга кетишкен экен, булар да келип калышты. Болжошкон күнү Акбалта менен Бердике, Ошпур менен Акылбек, Азаймат менен Бердибай, айыл–айылдын башын билген мыктылар, ак сакалдуу карыялар чогулушту. Кыргыл, Бакай баш болгон кырк чоронун баарысы жыйылды. Бай Жакып чогулгандарга сөз

1 Дейилде– кымбат баалуу кездеменин аты, кээде ошол кездемеден тигилген сырт кийим.

2 Сарпайы– сый тон, аш–тойлордо сыйлуу адамдарга кийгизиле турган кийим.

баштады. Кыз издеп Самаркан, Ташкенди аралаганын, көөнүнө кыз жакпай көп жерди кыдырганын, далай сууну кечип өтүп, далай элди көргөнүн, аягында Букардын каны Темиркандын кызы Санирабийгага көзү түшүп, сынына толуп бата аягын берип баталашып келгенин, Алмамбет алса деп кичүү кызы Аруукеге да кудалашканын узун сабак сөз кылып айтып берди. Темиркан кийгизген он эки сарпайы тонду Акылбектин Меңдибайына көтөртүп келип ортого коюп, он эки тайпа кыргызга уруу–уруу кылып, шыбагасын бөлүп берди. Баарынын көңүлдөрү көтөрүлүп, ич ара сөзгө киргенде Бакай Жакыпка суроо салды:

–Барган жериңизден жолуңуз болуп, кубанып кайткан экенсиз. Кыз беришип, кыз алганда өтөй турган кандай салты бар экен? Биздикине окшогон калың алып, мал берип дегендей салт–санаасы жок бекен?

–Агаин–туугандар, ал жагын да айта кетейин. Байкап көрсөк башынан эле кыз бергенде калың алып, мал бермей салты жок көрүнөт. Кыргыз кыз алганда малдан калың төлөйт деп уккан–көргөндөн билсе керек, же ушинт–сек айнып кетеби дедиби, эң эле опсуз мал салды. Манастын дайнын угушкан экен, кыргыздын туткасы болсо Манасы, кыз алары чын болсо кырк миң дилде пул тапсын, ургаачыдан, эркектен эки киши кул тапсын деди. Баарынан да берген малды өңдөштүрүп алабыз дегени кыйын болду.

Жакып Темиркандын айткан малынын санын отурган көпчүлүккө айтып, эмне деген жооп болоор экен деп, бир азга унчукпай калды эле, Акбалта сөздү улады:

–Бай Жакып, калыңды төлөй албай каламбы деп кабатыр болбоңуз, арыстан Манасыбыз үйлөнүп жатса аянмак белек, калдайган калың кыргыз элиң

турат, ата–бабадан келаткан салтыбыз бар. Ар кимибиз колдон келген кошумчабызды кошобуз. Кандай дейсиңер, жакшылар?

Отурган көпчүлүк дуулдап кетишти. Бири кызыл нардан онду берем десе, бири аппак койдон жүздү берем деди. Бири шумкар берем десе, дагы бирөө бүркүт берем деди.

Ар качан кысталышта намысты колдон кетирбей келген эл канча десең турдук деп, бай Жакыпка жайын айтышып, жаштары каткырышып күлүшүп, куда башы болуп барчу чалдары өздөрүнчө карпаңдашып кубанып, он эки тайпа кыргыздын мыктылары тарашты.

Ыкыбалдуу элди көр, ынтымактуу эрди көр. Көп өтпөй Темиркан айткандан үч эсе көп калың топтолду.

Жакып эл тарагандан кийин Манас менен Алмамбетти алып калды да, сөз баштады:

–Эмесе уккула балдар, кебимди, эми бекем байлап белиңди, убара кылбай карганда эки балам эртелеп апкелип бергин келинди. Кулдук урдум экөөңө, улуусун Манас сен алсаң, кичүүсүн алса Алмамбет экөөң бир күн тең алсаң. Эки келин алдым деп, мен боюмду жыйып дем алсам.

Эки баатыр атасы бай Жакыптын айтканын эп көрүп ыраазы болуп, баш ийкешип турганда Алмамбетке кайрылды:

–Алмамбет балам, угуп тур, өзүмдүн көзүм барында энчиңди бөлүп берейин. Ырыска шерик, маңдайың жарык уул экенсиң, сени Манасымдай эле көрөмүн. Аябай эле сынадым ала турган зайбыңды, чыгарайын деп жүрөм, бүткүл журтка дайныңды. Айдап берип малымды, төлөп берип калыңды, чырагым, сенин да таанытайын кайныңды.

Аталык мээримин уулдарына төгүп, ички ой–санаасын, акыл–кеңешин төкпөй–чачпай айтып,

аларды жөнөткөн соң, бай Жакып кудага баруунун камына киришти.

Кудага бара турган ички, тышкы жумуштун баарын Бакайга билгиздирип, Тууучунакты минген бай Жакып жанына төлгөчү кара Төлөгүн баш кылып, кырк киши кошчу алып Букарды көздөй бет алды. Ак элечек оронгон ак байбиче Чыйырды суу төгүлгүс боз жоргону минип, алты катын, төрт келиндин коштоосунда ал келатты.

Эр Манас менен Алмамбет чоролордун коштоосунда шартылдата бастырып булар келатты.

Өрүктөн комуз чаптырган, үкөктөн капкак жаптырган, чарасын терең ойдурган, тепкесин тайкы койдурган, ичеги кылын тактырган, аркы–терки кактырган, күүсүн уккан жактырган комузчудан нечени, бапылдата тарттырса ат чабым жерге угулган кернейчиден нечени, сыбызгы менен чоору бар, чымылдагы дагы бар, өнөрпоздон нечени келатты кудага.

Бири–бирине куюп койгондой өңчөй сулуу кара кашка аргымактарды минген, колуна куш кондурган мырза чыкма жаш жигиттерден эки жүзү келатты кудага, топ–топ болуп тизилип.

Айдаган жылкы чуркурап, чаңы асманга буркурап, доолбас үнү тарсылдап, төөнүн баарын боздотуп, тулпардын баарын коштотуп, айгырлар барат алышып, бууралар барат жөөлөшүп, букалар барат мөөрөшүп, кочкорлор карс–карс сүзүшүп, качарына жер таппай, аркарлар малга кошулуп, кыздын калыңына келаткан эпсиз малды үч жүздөй жигитке айдатып, мал башкарчу Баймырза, Жанай келатты. Жолдо ката айласын таап качалбай, кайберенден кошулуп кулан жүрөт ичинде, кирдүү кол менен кармагыс буудан жүрөт ичинде, аркар, кулжа, тоо теке толуп жүрөт ичинде.

Арага он эки түнөп, он үчүнчү күнү кечинде Букар шаарына жетишти. Күрөң уйга катар-

лашып кулжасы, аргымакка аралашып аркары, буурул жылкы ичинде бугусу, маңкан-маңкаң басышып маралы, текилдеше чуркашып текеси, эсеби жок чууруп элиги, элүү топос, жүз качыры көп малга аралашып, бөлүнүп кете албай кошо кирди Букарга.

Көчөмө-көчө чубап, койлор чуулдап маарашып, мүйүздөрү каркайган өгүздөр даңкайып сүрдүү көрүнүп, букалары өкүрүп жер чапчып, бирин-бири челишип, өркөчтөрү дүңкүйгөн кызыл нарлар, чуудаларын сеңселткен бууралар бири-бири менен жөөлөшүп, «буф» деп көбүгүн чачып буркулдаганда карап тургандар кирээрге жер таппай, туш тушка качышты. Түндүк бою секирген жылтылдаган кара кашка аргымактарды көргөндө суктанып, оозун ачып делдейишип, Букардын эли өмүрүндө көрбөгөн жорукка туш болушуп тополоң түшүп калышты.

Чалыбай менен Кутунайды ээрчиткен Ажыбай Темиркандын ордосуна кирип, кудасына жайын айтты.

–Темиркан баатыр, кулдугубуз бар, кудаңыз бай Жакып баштаган кудаларыңыз келди, тосуп алыңыз. Айткан калыңыңыздан үч эсе көп мал айдап келдик, кызматчыларыңызга айтып, өткөрүп алыңыз.

Алдастаган Темиркан жан-жөкөрлөрү, ордо кызматчылары менен бай Жакыптын алдынан шаан-шөкөт менен тосуп чыгып, мурдатан эле сарамжалын бүтүрүп койгон экен, ак сарайына киргизип, конок камын, сыйын көргөзө баштады. Күйөө балдарды жолдоштору менен өзүнчө, кызмат кылган жигиттерин өзүнчө, куда-кудагыйларын өзүнчө, өнөрпоздорун өзүнчө бөлүп-бөлүп жайгаштырды. Келген калыңды өткөрүп ал деп казына башчысына дайындады.

Арадан бир күн өтүп, эртеси түнү Манас Ажыбайды чакырып алып, тапшырма берди.

–Ажыбай баатыр, кечээ эле келдик эле, түн бул убак болду. Темиркандан дайын жок, адам сыйлап, эр сыйлабаган кандай кокуй жан эле. Кызын алып келбейби, менин ким экенимди көрбөйбү. Аземдеген бейбагынын жаткан жайынын дайнын билип кел. Кыз кайтарган сакчыларына ак жамбыдан берип, барар жолду тазалап, макулдаш. Караңгыда чыр чыгарып, уят болбойлу.

–Куп болот, баатырым.

Ажыбай жамбыдан онду алып, Рабийга кыздын жаткан сарайын иликтеп таап, ордо баккан Маматбегине жамбыдан жетиштүү берип, сарайга кирип, жети кенизектин[1] башчысы Наармүлдү таап, аны менен да тил табышып, эки шаңшуур жамбыны колуна карматып, убадалашып кайтты. Манаска болгон ишти айтты эле, мал өткөрүп, бата окуп, кудай кошкон жарын көрүүнү жүрөгү дегдеп, канчалык калың болсо да такаат кылып тура албай, Ажыбайга сыр бербей дүпүлдөмүш болду:

–Макташат эле макташат, Ажыбай баатыр, алып барып көрсөтчү, мактаган кызынын баркы, баасын көрөйүн. Эшик ачып кирейин, эркелеткен кызынын чоо–жайын билейин. Жалынса жанын коёрмун, жаман болсо жан билбес, жаткан жерге соёрмун. Акылын аңдап билермин, акылы кем жан болсо кара боорун тилермин. Капкасынын оозуна тирсегинен илермин. Темиркандын шаарына аламандап кирермин, атасы менен элинин кы–йындыгын билермин.

Манаска барбагын деп айталбай, баатырдын сөзүн кайтарбай, Ажыбай алдыга түшүп жөнөдү.

Убада менен сакчы катындарга жамбыдан дагы карматып, кыздын кызыгын дегдеген кы-

1 Кенизек– кызматчы аял.

рааның Манасты Рабийганын бөлмөсүнө өткөрүп жиберип, Ажыбай отуз чырак коюлган туш тарабы күндүзгүдөй жаркыраган оозгу бөлмөдө калды.

Алтын жалаткан парданы ачып, алтындан кылган тактада уйкусу качып, ой чырмап, кирпик какпай эригип, керилип жаткан Каныкейдин төшөгүнө баатыр колун сунду. Чочуп кеткен Каныкей Манастын жутуучудай көзүн, журттан бөлөк өзүн, болжолсуз бою–башы, сымбатын, өң–айбатын көрүп, кымырылып, кымтынып суроо салды:

–Атакемдин ак ордосун, алтын сарай, кең коргонун ачып өткөн сен кимсиң? Жети катын кенизекти, басып өткөн сен кимсиң? Эшик багар канчаны, эки кыздын көңүлүн жайлап келген сен кимсиң? Ойлонбостон иш кылып, жандан кечкен сен кимсиң? Алтын парда көшөгө, боосун чечкен сен кимсиң? Ажал–өлүм, кордукту мойнуңа алган сен кимсиң? Уруксатсыз бул жерге келип турган сен кимсиң? Тарткын азыр колуңду, тапкын азыр жолуңду.

Желдет–мыршап курчап келип, кордукту башка салат деп ойлобой, эч нерседен камырабаган Манас какылдаган Каныкейге жообун айтып турду:

–Атаңызга мал берип, айры өркөчтүү нар берип, алтын, күмүш зар берип, Рабийгадай сулууну алганы келген мен, Манас. Артыкча ыксыз сөз айтсаң акыр заман башыңа салганы келген мен, Манас. Карк алтынды үрөөндөй чачып келген мен, Манас. Караңгы түгүл күндүзү, кадам койбос капканды ачып келген мен, Манас. Канча кызды жалтантып өтүп келген мен, Манас. Бата аякка мал берип, сөзү келген мен, Манас. Баркымды билер жаным деп өзү келген мен, Манас. Ортосу жыпар пардаңды беттен алган мен, Манас. Ак чүчтөдөн көйнөгүңдү эттен алган мен, Манас.

Эңкейе түшүп кабылан Каныкейдин көкүрөгүнөн кармады.

«Кирип келет чоңсунуп, сөзгө келбей бул канкор төшөгүмө кол сунуп, кыздын жайын билбестен, жесир катын алгансып, мага жетип келет»–деп Манастын кылган кылыгына теригип, Каныкей Манастын колун түртүп жиберди:

–Сөзгө келмек зыйнат деп, кыздын жайын билбейсиң, кыз жосуну кымбат деп, күйөө болсоң сен Манас, жатпайсыңбы эркелеп, караңгыда келесиң жаш баладай энтелеп. Жесир катын мен эмес, сен алгыдай жетелеп, эне–атамдын төрүндө, көзүмө бүгүн көрүнбө, келчү болбо темселеп. Кадыр–көңүл жетишсе, зыйнат кылып кыз–келин мени алып барат жетелеп. Баатыр Манас сен болсоң, бала кыял мен болсом, кан башың менен каркайып, ууруча басып жүрөсүң, уялбай түндө келесиң. Адамга жакпайт, эр Манас, сенин ушу кылган мүнөзүң. Башымды кантип көмөйүн, аты Манас экен деп, айтканга кантип көнөйүн. Атамдын үйүн булгабай, азыр чыгып жөнөгүн. Азыр чыгып кетпесең анык сенин өлөрүң.

Кара тору, керме каш, келишимдүү узун чач, эки бети монтойгон, аккуудай мойну койкойгон Каныкейдин сөзүнө кулак салбай, жаштык ышкысы күчөгөн баатыр Каныкейди билектен кармады.

Ызасына чыдабай Каныкейдин өңү бузулуп кетти. Жаздыгынын астына дайыма коюп жүрчү болот канжарды кынынан сууруп алып, Манасты билекке сайды.

Канжар тийген билектен шыркырап кан агып, жердин баары кызыл–ала болуп, Манастын кызыл өңү кубарып, ачуусуна чыдабай, абайлап баатыр туралбай Рабийга сулууну көмөлөтө тепти.

«Алам деп катын жактырып, канчыкка алдым каптырып»,– деп айбаттанып кырданып, ачууланып сурданып, бөлмөдөн чыгып кетти.

* * *

Жекендос[1] менен баяндос[2] мамыкты калың салдырып, атилес көрпө, ак мамыкта кыз келет деп кымпыйып, кыраан Манас зыңкыйып эки күн жатты. Эриккенден бирде жатып, бирде турду. Катын да жок, кыз да жок, кырк баатыры дагы жок, кыякчысы, комузчусу, өнөрпозу да жолобой, үй кызматын кылгандардан башка бирөө да каттап келбеди.

Эки–үч келин келип, башбагып коюп, баатырдын заарына чыдабай, артын карабай качышты. Башкасы жүрөгү даап кире алган жок. Кан күйөөнү кыз–келин кастарлап күтүп жаткан чыгар деп, карбаластаган Темиркан Манасты капарына албай, куда, кудагыйлардын камында жүрдү. Манастын чыдамы кетип, арыстандай кеңгирип, акылы кетип зеңгиреп, заары чыгып жүзүнөн, каары чыгып түсүнөн, Темирканга ызырынып, кызына кошуп биротоло канынын жанын кыйып койсомбу, тоодой–таштай мени унутуп койгон баарын кырып жиберсемби–деп, оолугуп жатты. Манастын дайнын билип, кабарын алып, учурашып келүүнү ойлогон Бакай, Кыргыл карысы баштаган чоролордун бир тобун чогултту.

–Баатырлар, эр Манаска баралы. Келин–кесек, кыз–кыркын менен ойноп–жыргап отурган чыгаар, эмнеси болсо да дайнын билип чыгалы.

Күйөөңөр кайсы үйдө деп, ордо кызматчынын бирөөн ээрчитип Манас жаткан үйгө киришти эле өңүн бузган Манас Бакай баштаган баатырлардын саламын да түзүктөп алган жок.

–Кайда жүрөсүңөр көрүнбөй, баарыңар?–деп каарданып кирди. Серек баатыр бирдеме дейин

1 Жекендос– жерге салынуучу төшөк.

2 Баяндос– төшөк.

деди эле аны көмөлөтө койду. Ызаланган Серек ордунан туруп, Манасты беттеп коё берди:

–Ачууга сабыр кылбаган, акылың тайыз кем беле? Ачуулана тургандай, алуучу жарың мен белем? Кайратыңа жөндөп кел, калың берип мал чачкан, катыныҥ эмес мындагы эл. Кызды талап кыласың, кыз келбейт деп ка–шыма, кыргызды кантип кырасың? Катын талап кыласың, катың келбей койду деп, калкты кантип кырасың? Аңдап көргүн өзүңдү, ачып кара көзүңдү, азыр уккун сөзүмдү. Мында турган мен Серек, Темиркандан кемминби? Катыныңды кайтарып, чыгарып ийген менминби? Кыз келтирбейт бирөө деп кырып ийгин элиңди. Рабийга сулуу кыз, чыгарар сенин желиңди. Кылайтып киши каттатпай, кылактаган кызды суйкайган, жибербей койгон менминби?

Серектин эптүү кебине жыгылган баатыр оң муруту солк этип, оң бөйрөгү болк этип, күңгүрөнө сүйлөнүп, Темирканга ызырынып жатты.

Аккуланы алып келгиле. Жоо жарагымды даярдагыла, жигиттер. Сыйлаганды билбеген, кыргын кылып бул элди, Темирканын баш кылып кызылдай жанын кыяйын!

Кырк баатырдын карысы зор Бакай Манаска кайрылды:

–Баатыр Манас, бир колуңдун ачуусун бир колуң менен басыңыз. Катын алам деп келип, жалпы Букар журтуна калайманды салбагын. Эртең соңун ойлойлу, эки ортодо эки калк эрегишип калбасын.

–Бакай баатыр туура айтат. Бир аз аярлайлы, ортодо бекер кан төгүлүп кетпесин. Алмамбет, Ажыбай, Кыргыл баш болгон баатырлар Бакайдын сөзүн колдоп кетишти.

Күйөө үйдөгү сөздөр Темирканга жеткенби, Темиркан айласын таппай апкаарып калды. Акылбайыс, Түлөөбекти чакырып алып жекирип кирди:

–Ой бул эмне деген түркөйлүгүңөр?! Куда күтүп, кыз узатып көргөн жансыңарбы? Келген күйөөнү да ушинтип сыйлайт бекен? Мен го кудалар менен болуп, тыягыңарга киришкен жок элем. Барып билгилечи дайнын.

–Күйөө күткөн ким эле, күлдү журттун баарысын күм–жам кылып койгудай, ачуусу эмнеге келиптир күйөө баланын? Же аны күткөн катын–калачтан алда кандай сөз чыгып кетти бекен?–деп Акылбайыс сураштырды эле:

«Күйөө бала отурган үйгө каттаган катын болбоптур, кандайсыз деп кабарын алган жан да жок экен»,— деп жооп беришти.

–Аш бышырып, нан коюп, жездекелеп кулагынан чоюп, ырдап, бийлеп көңүлүн ачкан кыздардан барган бар бекен?– деп Түлөөбек сураштырды:

«Кыздардан барган бир жан жок, кылайып көргөн адам болбоптур,–деп жооп беришти.

–Ачка таштап, кыз барбай, кыз барат деп биз барбай, күйөө баланын кыйыгына калыппыз, кылымга түйшүк салыппыз, таарынган күйөө баланын, эми айласын кандай табабыз?–деп санын чапкылап, кокуйлашкан Акылбайыс, Түлөөбек каныша Акмама аркылуу Санирабийгага сөз айттырышты эле, «эбин өзүм табамын» деген жоопту алышты.

Кызматчы кыздарын кызыл–тазыл кийинтип, Санирабийга айдай жүзүн балкытып, жел жагына ким чыкса бута атым жерге буркуратып, жыпардын жытын каптатып, күкүктөй үнү шыңк этип, жез комуздай зыңк этип, желбегей тонун жамынып, дандырлуу оттой камыгып, нөкөрлөрү кашында, он алты жарым жашында, алтын тон менен жайкалып, аста басып чайпалып, Манас баатыр отурган бөлмөгө киришти. Рабийга Бакайды көргөндө кулдук кылып бүгүлүп, бетин жаап көргөзбөй, ызаат кылды жүгүнүп.

«Келиним, кеги жок киши болот»,–экен деп барбаландаган Бакай сүйүнүп, кашына кыздын тура албай бурула берди.

Рабийга баатырлар менен баш ийкешип учурашкандан кийин Манас баатырга кайрылды:

–Баатыр, айып менин мойнумда, кылыч алып жатчу элем, кыз болгону койнума. Кылыч тийип калыптыр, кокустан сенин колуңа. Букардын жоктур күнөөсү, кыялыңды билмекке, кыз жарың кылган мүнөзү. Тажиктин жоктур күнөөсү, теңтушуна чиренип, коркутуп сизди койгону колуктуңдун мүнөзү. Түйүндү төрөм, чечиңиз, буулуккан ачууң кечиңиз. Таарынып элди кыйратпай, талабына жетиңиз. Камыкпай баарын кечиңиз, кана, таарынган менен неттиңиз? Кайнатаңдын калаасын, талкалап таштап кеттиңиз, эл бүлүндү, чабылды, не мураска жеттиңиз? Тартуу кылдым башымды, ала келдим айбыма, мына, Арууке сиңдим кашымда.

Күлсө тиши жарк этип, күзгүдөй өңү жалт этип, күкүктөй үнү шаңк этип, чылк жибекке чырмалып, жыгылчудай ыргалып, лагил[1] алтын жыгасы оң чекеде кырданып, Каныкей баатырдын астында тизе бүгүп, кечирим сурап турду.

Бакай:

–Баатыр, алдыңа келсе атаңдын кунун кеч деген кеп бар. Кечирбесең болбостур,–деп Манасты караганда, ал жерде турган баатырлардын баары «дуу» деп кубаттап кетишти. Кыздын сөзүн кыя албай, чоролордун сөзүнөн да чыга албай, кыраанындын ачуусу тарап, баары жай–жайына кетишти.

Чыр–чатак чыгып кетпесин деп, алдырап турган Темиркан иштин оң чечилгенине сүйүнүп, ордодогу акыл кошчу мыктыларын, жакын туугандарын чакырып алып, айтып турган сөзү:

1 Лагил– асыл таштын түрү.

–Ушул турган жакшылар, ага–тууган, эл журтум. Осолдук бизден кетип, бала–бакыра, кыз–кыркынга ишенип, күйөөбүз баатыр Манаска көңүл бөлбөй, аз жерден эки элдин ынтымагы ыдырап, чабыш чыгып кете таштады, «Кымызды бер ичкенге, кызды бергин алганга»–деп илгеркинин наркы бар, нарк билген эрдин салты бар. Кабылан эрди кемитпей, кызматы жагып турганда Рабийганы берели. Укканыбызга караганда Алмамбет Манаска тете баатыр дейт. Көңүлү Аруукеге түшүп калыптыр. Өткөндө бай Жакыпка оңдуу жооп берген жок элем, кыз күйөө бирин–бири жактырса, каршы болгонубуз чекилик иш. Кары–жашка эп келсе Аруукени Алмамбетине кошолу. Калк чогулуп келишсин, калың кыргыз журтунун каадасын байкап көрүшсүн.

Темиркандын кеби эп болуп, жок деген адам болбоду. Кыздарынын жакшылыгына жетине албай, казыначысын чакыртып, дүйүнөсүн аябай, кыз–күйөөнүн алдына жүз миң дилде чачтырды. Айдап барган малын айт–паганда да, кыргыздардын үч нарга сылай жүктөгөн кызыл дилдеси бар экен, муну да садагага чачтырды. Бул аз болуп калбасын деп, казынасын дагы ачты. Мал менен алтын, күмүшкө тойго келген калктын башы адашкандай эле болду. Той баштаган эрендер жүгүрүшүп энтелеп, кызмат кылып жүрүштү.

Темиркандын оозунан сөз чыккандан кийин агача[1] келин, суйкайган сулуу кыздар Аруукени ортого алып, Алмамбеттин үстүнө киргизишти. Артыкча баатыр Алмамбет Аруукени жандады. Акыреттик курбум деп, Аруукенин саамайын, акырын сылап кармады.

Бай Жакып менен Темиркан айтуякка бээ союп, аксарбашыл кой союп, кырк күнү той бер-

1 Агача келин– ак жүздүү, сулуу келин.

ди. Ат–кунанды чаптырып, асемге мылтык аттырып, көк бөрүсүн тарттырып, отуз күнү ойнотту. Кылкылдаган сел келип, кылымдан канча эл келип, тойго катышкан элдин кумары таркаганда, молдонун баарын жыйдырып Каныкейди Манаска, Аруукени Алмамбетине кошушту. Ырым–жырымы бүткөндөн кийин эки кыздын себин алтымыш нарга жүктөтүп, кудага баргандар жолго чыгышты.

Букардын баары буркурап, Каныкей атка мингенде, катын бала чуркурап, Арууке атка мингенде көзүнөн жашын куюлткан букарлыктар айласы жоктон калып калышты. Эки келин бир алып, кубанычы койнуна батпай Жакып көч баштап келатты. Чыйырды келет ошондо Бозжоргосун жылжытып, сүйүнгөнүнө чыдабай, көздөн жашын кылгыртып.

Кош ат менен элине бай Жакып киши жиберди. Манас баатыр келет деп адамдын баары бүлүнүп, катын бала, кары жаш «а–кудайлап» сүйүнүп, саяпкер атын тапташып, мергендер мылтыктарын майлашып, балбандар күчүн чыңдашып, баатырлар өзүн тыңдашып, тойго даярдана башташты. Бир аз күндөн кийин жергеге батпас эл менен, жер майышкан сел менен, алтымыш кызыл нар менен, нарга арткан зээр менен эр Бакай, Жакып чал менен, эр Манас элине жетти.

Аруукени түшүрдү бай Жакыптын үйүнө, ыраазы болду Алмамбет, ушундай экен дүнүйө.

Бачайы менен барчаны, башка дүйнө канчаны, Аруукенин дүйнөсүн ташыган адам чарчады. Ак учук менен суп манат[1] үзүгүнө жаптырган, босогонун сыртына болоттон чеге кактырган, каалганын бетине ажыдаар менен жолборстун сүрөттөрүн тарттырган, керегенин боюна көөхардан чеге бастырган, көздүн жоосун алып, көргөн жанды суктант-

1 Манат– колдо жасалуучу түктүү кездеменин түрү. Ак манатты боз үйгө жабуу катары да пайдаланат.

кан ак өргөнү тигишти. Алмамбеттей азаматтын үйү дүнүйө–мүлккө толуп, алганы менен Арууке бир үйдө түтүн булатып, жашап калышты.

Өзөндөн токой кыйдырып, отунду тоодой жыйдырып, кемегесин каздырып, аш казанын астырып, элге кабар салышып, ырчы менен комузчунун баарын жыйып алышып, жомокчу жомок айтышып, бергенин алып кайтышып, сурнайчы менен чоорчу, өнөрмандын баарысы, өбөктөгөн карысы, ушул тойдо болушту, урмат көрүп конушту.

Маргалаңдан Малабек, Кокондон келди Козубек, Кашкардан келди Алабек, ошолордун улуусу Анжыяндан айры сакал Санжыбек келди тойго.

Ат, кунан тандап чаптырып, сурнай менен кернейин асмандата тарттырып, мергендер жамбы атышып, чабендес улак тартышып, көк бөрүдөй жулушуп, көк буусу чыгып кайтышты. Өпкө кармап таз чабыш, андан кийин жөө жарыш, балбан күрөш, эр сайыш болуп, тойго келгендер оюн–күлкү, тамашага батышты. Элдин көптүгүнөн жамандар калып адашып, жакшыга жакшы жанашты, кырк күнү кызык көрүшүп, келгендер кетип тарашты.

# КОЛДУН БЭЭЖИНГЕ АТТАНГАНЫ КАНЫКЕЙДИН САРАМЖАЛЫ

Манас баатыр элге жарыя айттырды:

– Жоого аттанчу калың кол, айткан жарлыгымды угуп, айтканымды аткаргыла. Алтайдан бери айдап келип, жыйган–терген малымды, силерден аябаймын. Аралда жаткан көп жылкыдан бирден айгырды кош тартууга койгула. Кош башына бир байталдан тандап келип сойгула. Эр башына бир аттан коштоп алгыла. Чоң казатка аттанганы турабыз, тагдыр башка не жазды, жазуудагыны көрөрбүз, алдын ала айтыш кыйын. Жаман айтпай жакшы жок, кырылып калсак кытайдан, кыргын тапсак Бээжинден, ушул алган жылкымдын аркы дүйнөгө барганда, эч кандай доосу болбойт.

Ал сөздү уккан көпчүлүк:

– Ар балаадан алыс болуп, учуң узарсын Манас,–деп кубанышып, атка мине калышып, найзаларын укурук кылып алышып, жарлыктагыдай коштоосуна бирден атты жетелеп, кош башына союшуна бирден байтал, кош башына ок–дарысын жүктөгөнгө бирден айгырды кармашты.

Кең соорусун даңкайтып, күлүк тийди колго деп, ырас болду жолго деп, күдүңдөгөн андан көп. Жакшы болду жолго деп, жоргосу тийди колго деп, тизгинге колу карышып, өөдө–төмөн жарышып, кумардан чыккан мындан көп. Мойнуна чалма салышып, тандап кармап алышып, чылбырларын чырт үзүп, тизгиндерин тырс үзүп, ээ–жаа бербей, асман–айга түйүлүп секирип, мурда жону-

на жан минбеген азоолорду көрүп, “Көп жылкынын ичине куюгуп жүргөн куланды кошо багып алганбы? Таанып бергин муну” деп, агала сакал карыдан, акылмандын баарынан, көгала сакал карыдан, көп көргөндүн баарынан сурап жүргөн андан көп. Жылкы экен деп уккан соң, үйрөтүп мине коём деп, үстүнө чыгып, жыгылып, кулап жүргөн андан көп. Эл эрки менен болуп жатканда, арыстан Манас алты нөкөр жолдошун жанына алып, көп колду аралап жөнөдү. Төштүктүн элин кыдырып, Жамгырчы колун сыдырып, Музбурчак тобун аралап, Көкчөнүн колун көрүп, Үрбүнүн тобунан өтүп, кырк чоронун тиккен, кымкаптап кылган көк чатырынан өтүп, кырктын башы Кыргылдын эшигинин тушуна келди. Келген добушту угуп Кыргыл сыртка чуркап чыкты. Жай сурашкан соң Манас кеп баштады:

– Кырктын башы Кыргылым, кылымды жеңген дыңгылым, жата бербей жамбаштап, турбайсыңбы туу аштап, койбойсуңбу кол баштап, жүрбөйсүңбү жол баштап. Эгизиң Бакай карыңа айт, бүгүндөн калбай барып айт, эртең эрте сапарга аттанабыз.

Эртеси таң агарып калганда, алтын туусун жаркылдатып, асабасын жалтылдатып, абаң Бакай кол баштап жөнөгөндө керней үнү бапылдап, сурнай үнү такылдап, чаң асманга көкөлөп, жүз миңден ашуун кол жолго чыкты.

Кер кабылан ат минип, кең багалек келбер шым, кеңири күрмө тон кийип, төөлөргө жүктөп ок дарысын, азык–түлүгүн мол алып, санаты бир сан кол алып, кан Кошой эң алдында баратты.

Аскери жүрүп кылкылдап, жер бетин бербей, аны көргөн адамдар акылдан айнып дал болуп, Эштектердин Жамгырчы артынан жүрдү жол менен, бу дагы бир сан кол менен.

Буудайык кандын Музбурчак бу да жүрдү жол менен, эсеби бир сан кол менен.

Өңчөй окшош кулача, маңдайы кашка тумарча, баарысы тулпар куланча, айбанаттан бир башка, буудандарды минип, көк өтүктүн өкчөсү Айдаркандын Көкчөсү да жүрдү жол менен, санаты бир сан кол менен.

Чамбыл–Белди жердеген, жоон өпкө–күрсүлдөк, Текечинин Ормонбек, Анжыяндын айры сакал Сынчыбек, качырга жүгүн арттырган Кокондун каны Козубек, аскерине өңкөй кызыл ат мингизип, кыл куйругун шарт түйгүзүп Маргаландан Малабек, Эки Кемин жердеген, кенебеген эр Үрбү, Кебез тоону жердеген келберсиген эр Төштүк, Чоң Алайды жердеген Шыгай кан ар бири бир сан кол менен Бээжинге бет алып жөнөштү.

Аскердин арка жагынан, алтын сарай коргондон, Акылайдын ордодон жаратканга жалынып, бир кудайга зар айтып,төө баштаган нар айтып, жарагын белге чалынып арыстан Манас баатырың жолго чыкты.

Бөксө жол менен жүрүп олтуруп Бөкөйдүн белине, Кангайга кайрылып кетчү жерине келгенде кырк чоронун коштоосунда келаткан Манастын кабагы бүркөлүп, каарданып, астыңкы эрди албайып, үстүңкү эрди калбайып, ачуусу келген баатыр жанындагыларга ооз ачпай, түнөргөндөн түнөрүп келатты.

Муну көргөн кырк чоро кабылан Манас баатырга не болду деп айта албай, же ээрчибей кайра кайта албай, Кыргыл баштык карысы баш болуп санаалары бузулуп, таноолору кысылып, кыямат–кайымда калгансып денелеринен чыпылдап тер чыгып, алыс жолго аттанганда кубангандын ордуна капаланган неси деп, мындай кылып олтурса, бизди кудай урат деп, санаасы санга, ою онго бөлүнүп өздөрүнчө күңкүлдөп келе жатканда артында келаткан Алмамбет Манаска жанаша бастырып, сөз чыгарды:

– Баатыр, канга ылайык жаралган кашындагы кырк бооруңдун атынан айта турган сөзүм бар. Сарамжалга карк толгон, сага ылайык киши эле, олуя кандын кызы эле, оймоктуудан уз эле, Темиркан кызы Каныкейдин ордосуна барып, алыс жолго чыгарда ак батасын ала кетсек дейм.

– Ар качандан бир качан, айтмайынча сырымды билбейт, – деп нааразы болуп келаткан Манас Алмамбеттин кеңешин угуп, күлкүсү чыгып, каткырып жиберди.

Катарында келаткан чоролор:

– Катын жандуу канкор, кара күчкө күлгөн анткор, – дешип күбүрөшүп, баатырга кошулуп күлүмүш болушту.

– Андай болсо Алмамбет баатыр, айтып калыпсың, жеңеңизге тийе өтөлү, – деп Манас атынын оозун Каныкейдин ордосу тарапка кетчү жолго бурду.

– Алыс сапар жол тартып баратып, бир бурулбай кантип кетсин, – деп Каныкей атлес көйнөк кийип шоодураган, айнектей көзү жоодураган, сөзү жатык ширинден, акылы артык билинген, кымча бел келиндерди ээрчитип баатырлардын астынан тосо чыгышты.

Жакындап барган баатырлар менен учурашып болгон соң Каныкей арыстан эрге суроо узатты:

– Сапарга чыксаң жол болсун, жараткан эгем колдосун. Кылган ишиң күч болсун, самаган душман түз болсун. Алтын айчык кызыл тууну асмандатып аштапсыз, аскерди арбын баштапсыз. Казаттан болсун жолуңуз, катын да болсо угалы, кабарын айтып коюңуз, каякка жүрдү колуңуз?

Баатыры жообун бергенче, балан-бастан дегенче, карчыгадай камынган, кабыландай чамынган эр Алмамбетке кайыптан акыл табылып, озунуп жооп берип жиберди:

– Ээ Каныкей жеңе, Каспаңдын кара тоосунда, капкалуу Бээжин оозунда, Чок–Табылгы жайлаган, чоң кара атын байлаган, Алооке кандын кенжеси кан Коң төрө баатырга бет алдык. Учураша кетели деп, сизге бурулуп калдык, жеңе.

Кырк кенизек жүгүрүп, кырк жигиттин атын алды. Баатырды Аккуладан Каныкей жеңең өзү түшүрдү. Аттарды шапа–шупа байлаган шайдоот келиндер эшик ачышып, ызаат көрсөтүштү. Баатыр баштап, артынан Кыргылчал, Алмамбет, калган кырк чоро улуулата үйгө кириштИ. Ак тилекке арнап ак боз бээ сойдуруп, этин бышырып даярлап койгон экен, дасторкон тез эле жайылып, кымыз ичип кызышып, сөөктөрү ысышып, чекеден терин сызылтып, “баланчаны сойдум деп, баланча жоону өлтүрүп, башын кесип койдум деп, баланчаны алдым деп, баатырлык кылып салдым”, – деп дүпүлдөп калышкан кезде Каныкей Алмамбетке сөз баштады:

– Басташып душман жеңбеген, барса келбес жер деген, көптүгүн көрсөң кара курт сымал, кытай деген улуу журт деп уктук эле. Кыямат–кайым жеткенче, кылайып душман жеңбеген, нечендеген кылымдардан бери жашап, түптөнүп калган кыйын жоого бет алып, кыраандар аттанып чыккан экенсиңер.

–Кара кытай, калмак, манжунун биздин элге кылбаганы калган эмес. Ата–бабалардын кунун куйлу деп аттанып олтурабыз,Каныш,–деп Манас жортуулдун себебин кыскача түшүндүргөндөй болду.

Каныкей чоролорго кайрылды:

–Урматтуу чоролор, ушу отурган кырк баатырдын ичинен мурда үйгө келгениңер бар, келе элегиңер бар. Кара жан үчүн кийерге, кажыбай жоого тийерге ар кимиңерге бир–бирден сарпайы кийит жабайын, жогу болсо табайын. Коноор болсоң анын-

ды айт, түштөнөөр болсоң жайыңды айт. Убакытты бөөдө кетирбей конок камын кылайын, – деди эле, Алмамбет жүйөөлүү сөзүн айтты:

– Ээ жеңе, калк туткасы кан болот, казат – улуу жол болот. Кан кайрылып конгон соң канткенде жылдыз оң болот. Бизди конгун дебе, кеткен колдон бөлүнүп калганыбыз болбос, – дегенде бурала баскан Каныкей эшикке чыгып барып, казынаны ачтырып, балбандарды шаштырып, көргөн адамды таң калтырган, атан эмес, андан чоң пил куржунду көп балбанга көтөртүп келип ортого коюп, Алмамбетке кайрылып, сөзүн баштады:

– Алмамбет баатыр, бул куржундун ичинде нелер бар да, нелер жок?! Ысыгына адам чыдабаган, Бээжин ысык жер дегенди угуп, аптап урса нетер деп, ал кубаты кетер деп, ал өңдөнгөн жумушту аңдабай койсом бекер деп, токсон кемпир чогултуп, керик койдун[1] тармал жүнүн тырмакка салып тыттырып, келинге кесе бастырып, кызга кыя тиктирип, тогуз ай бою кылдатып, уздан узга сындатып, сайса найза тешкисиз, чапса кылыч кескисиз кырк чорого кырк калпак камдаганмын, ысык күндө кийсин деп, ышынбай жоого тийсин деп. Кыш чилдеге калып, кыргыз, кытай урушса, жулунуп жүрүп кокустан кулагы түшсө кулжуюп, жаман атты болбоюн деп ичин суусар ичтетип, тышын буулум тыштатып, үч талаа кылып бычтырып, жаактыгын түшүрүп, туулганын ичинен тумчуланып кийсин деп, алкымына бүчүсүн айкаштыра түйсүн деп, кармашып уруш салышса, башынан түшпөй жүрсүн деп, кырк чорого кырк тумак даярлап койгон элем. Бээжиндин бекем жер экенин, кытайдын кылым эл экенин билип, эки жыл, бир жыл жатышса, эртели кеч турушуп, мылтыкташып урушуп, жылбай жатып атышса, намысын кытай бербесе, ак кийимдер кирдесе, азаматтардын көңүлү чөгөт болоор деп, күнөөнү бизге коёр деп, эр башына он эки көйнөк,

---

1 керик кой–уяң жүндүү койдун бир түрү.

он дамбалдан камдадым. Адегенде эле ошону оюма алып, оромолго түйгөмүн, чоң куржундун түбүнө чогуусу менен салгамын. Жаман айтпай жакшы жок, ажал жетип, күн бүтүп, акыретке бет алып аттанган болсо дүйнөдөн, кемегедей бир жерди кемире чаап оюп жиберип, кызыл ала боюнча кийимин чечпей коюшса жакшы болбос деп, алда кандай болуп кез келсе өлүм башына кепин тону болор деп, кылып койгон мунум бар, кызматымды угуп ал.

Каныкей кырк чорого кайрылып:

– Айланайын кырк чоро, токтоп туруп кебимди ук, кыркыңа кылдым кырк чопкут[1]. Мал менен алтын–күмүштүн көзүнө карабай кыйла шаарды кыдыртып, Анжы менен Манжыдан, Кара–Шаар, Камбылдан, Чын–Мачындан, Кумулдан бир мыскалы эле миң дилдеден кымбат турган кырмызыны алдырдым. Кырмызы колго тийген соң алтымыш келин, кырк кызга алты кабат куратып, кырк бир күндөн шырытып, жакпаганын сөктүрүп, табак–табак болотко, албарсты кошуп арасына төктүрүп, кайыганда болоттон кылган шибегеден он–он бештен сындырып жатып, ичти–тышты сегиз тон, жака, жеңи тегиз тон, ичи кадек[2], тышы бөз, сырты торгун, атилес, жакасы алтын, жеңи жез, калыңдыгы жарым кез кылып кийгендин көөнү тынгыдай, жоого ылайык кылгыдай жасаттым. Узун чоро барсыңар, узун үлгү салгамын, кыска чоро барсыңар, кыска ченеп алгамын. Жоболоңдуу кырк баатыр тон талашып жүрбөсүн, деп, аты–жөнүңөрдү жазып, жакасына жабыштырып, койдум. Кытайга, алыс сапарга аттанып жатасыңар, дагы айта турган кебим бар, чоролор. Кербендерден кеп угуп, көргөндөрдөн көп угуп, Дөңдүң–Баштын текелеринин териси калың деп угуп, Абыкени баш кылып,

---

1 чопкут–ок өтпөс темирден жасалган жоокер кийими–соот.
2 кадек–жумшак кездеменин бир түрү.

көзгө атаар адис мергендерден алтымышын жиберип аттырып келдим эле. Терисин кургатканда күндүн жүзүн көргөзбөй, ак сандыкка каттырып, алты ай жайы эринбей, ашаткысын жез челекке жаткырып, боёкчуну Анжыяндан алдырып, перизаада Арууке токсон кызга баш болуп, тогуз ай бою кармады эле. Буулум[1] менен ичтетип, багалегин кайытып, адамдын көзү тайгыдай, жымырата тиктирип, жылаан боор бүктүрүп, тиштегенин сездирбей, бүктөгөнүн билгизбей, найза тийсе тешер деп, болот эгеп ширетип, ийи чала калат деп, алтымыш беш балбанга, күнү түнү тебелеттирип, сыр бараң атса ок өтпөс, табылгы жакса чок өтпөс, бир эле шымдын жеке башы жети тайлык наркы бар шымдарды силерге арнап тиктирдим эле.

Бээжин деген татаал да, катаал да жер деп уктум эле. Көргөндүн көзү жайнаган, кумга койгон кумганы аш бышым коюп койсо, кашык суусу калбай, куркурап чыгып кайнаган, өткөрө ысык жер деп угуп, жер ысыгы өтөр деп, кылбай койсом бекер деп, аягынан азган соң, канга ылайык кырк баатыр, кайраты бойдон кетээр деп, Багыландын булгаарысынын баасы кымбат, сапаты мыкты деп угуп, алтын берип аябай, мал көзүнө карабай, Алымсабырды баш кылып, жүз өтүкчүнү кошо алдырып, таканын ичин ойдуруп, таманды калың койдуруп, кош жылаажын салдырып, кийген адам кубанган, кырк чоро силерге кырк өтүктү тиктирдим.

Жай кийериң бир бөлөк, барчадан байпак түйдүрдүм, бутка жумшак болсун деп ак кадек чулгоо жасаттым. Кыш кийериң бир бөлөк, түлкү байпак түйдүрдүм, бутка жылуу болсун деп дүрүйө[2] чулгоо жасаттым. Баарын тең ылайыктап бүктөп, чоң куржундун түбүнө чогуусу менен салдырдым.

---

1 буулум–кымбат баалуу кездеменин аты.

2 дүрүйө–кездеменин түрү.

Алыскы кытай элинде, Бээжиндей катаал жерде казатка барган кыргыз менен кара кытай, калмактар маңдай, тескей турушса, мылтык атып, жаа тартып, былчылдашып урушса, жебенин огу зыркырап, жетип тийген жерин быркыратып, канын төгүп шыркыратып, балээни башка салбасын деп, аяк жагын карасаң табарсыкты чаптаган, жогору жагы жүрөктүн, ай балкасын каптаган, карк алтындан жасатып, көөхар таштан көз салдырып, кыркыңарга бирдей кырк кемер курду камдадым.

Жайлап-кыштап калышса, эки жыл, бир жыл эрикпестен атышса, ок-дарысы түгөнүп, ойрон жандан түңүлүп, кадырман жеңең Каныкей кантип куру койсун деп, зор үмүт менен куржунга колун салса, колу уялып, бозала болуп калбасын деп, кысталган жерде кырк баатырга кереги тийээр деп, сексен төрт чаначка дары салып, жүздөн огу, оттук, бычак, белбоосу, милтесине чейин дайындадым.

Каныкей сөзүн айтып бүткөндө, ыраазы болгон кырк баатыр ызаат кылып, катар тура калышты.

Бу Каныкей катындын, буластаган капырдын ушу сөзү чын болсо, экинчи катуу айтпаска, артылта камчы салбаска, артынан күнү албаска "Аккелтенин огу урсун, көк милтенин чогу урсун", – деп ичинен касам айтып, Каныкейден көөнү тынган Манас "аттангыла" деп чоролоруна буйрук берди. Манастын жарлыгын угар менен эпилдеген Тазбаймат эшик ачып, Кыргыл карысы баштаган кырк чоро тышка чыгып караса, кырк бедөө байланып турат. Баарысынын соорусуна жолборс үртүк[1] жаптырып, дилде жүгөн каттырып, куранды ээр токутуп, кундуз көрпө тарттырып, мамык жаздык арттырып, басмайылдан үчтөн тарттырып, борондуу күнү суук өтпөс, жаандуу күнү суу өтпөс, жакасы алтын жапмалуу, топчусу көөхар такмалуу алтын соот-күрөө тондон канжыгага бөктөрүп, ок жы-

1 үртүк–ат жабуу.

ландай сойлотуп, ооздугун чайнатып, оттой көзүн жайнатып, коёндой окшош кас буудандарды жер чапчытып ойнотуп койгонуна баатырлар айран калып турушту.

Чоролор жакын урук–туугандары менен коштошуп турган учурдан пайдаланып, Каныкей Алманбетти токтотту. Канчалык кайраттанса да болбой, өзүн кармап токтото албай, эртеңки келе турган тагдырды алдын–ала сезип, көзүн жаштаган Каныкей, кайгылуу сөздөн баштады:

–Айланайын, Алмамбет. Сай төрөлөр жыйылып, алыс сапар аттанып баратасыңар.

–Ооба, жеңе. Баягы Алоокенин Коңурбайы атамын кунун кууймун деп, кара кытай, манжу, калмакты бүтүн чогултуп, чоң казатка даярданып жатат деп кабар уктук. Көп камынтпай, үй үстүнөн бассак деп, Бээжинди беттеп чыктык.

–Айланайын, Алман. Арыстандын баары жөнөп баратасыңар, аман кайтып көрөр–көрбөстү бир кудай билет. Ат кубаты жал менен, адамдын күчү мал менен, аарынын күчү бал менен, айымдын күчү кан менен, булуттун күчү жел менен, буудандын күчү тер менен, улуктун күчү эл менен, дыйкандын күчү жер менен, кыяндын күчү сел менен, катындын күчү эр менен дейт элибизде. Жоого аттанып баратат, таянар жалгыз төрөмдү, жанын тирүү көрөмбү? Айрылып калып арыстандан арманда бойдон өлөмбү? Сүйүп мээримим канбады, аркасында баатырдын, сүйөнөр туяк калбады. Алып мээримим канбады, аркасында баатырдын, алдейлээр перзент калбады. Кейишти санап жеңеңдин, кетип турат дарманы. Баатырымдын барында, мамыкка жаттым, уктадым, бардык журтун туткaным. Басылбаган чоң арман, баркыратып ыйлатып, баланын үнүн укпадым. Беренимдин барынан, мээлүнгө жатып уктадым, беш тайпа[1] журтун тут-

1 тайпа–уруу, урук.

каным. Бекерге өттү өмүрүм, безилдетип ыйлатып, перзенттин үнүн укпадым, Алман.

–Кандай кылса дейсиз, жеңе? Маңдайга жазганы ушул болсо кантели.

Касаба кара тоо болсо, каптаган калың жоо болсо, кайгайлаган чуу болсо, калкылдаган туу болсо, камап кытай кол салып, төрөндүн жалгыз башына, кыямат–кайым келип, айласы кетип турганда, Сизден жардам болот деген үмүтүм зор, Алман.

Каныкейдин арманын угуп турган эр Алмамбеттин эскиси түшүп эсине, жаш имерди көзүнө.

– Аттиң ай, жеңе, аял кылбас иш жасап, аскердин камын жедиңиз, аял айтпас сөз айтып, арыстанды жалгыз дедиңиз, аягы тийди өзүмө, ар түрдүү айткан кебиңиз. Армандын баарын айттыңыз, менде да тоодой чоң арман бар.

–Ээ Алман,мен билбеген ал кандай арман.Айта бер тартынбай, –деп Каныкей жашын токтото Алмамбетке таң кала карады.

– Жалгыз дейсиң баатырды, жайнап жаткан көп кыргыз, кимге тууган акыры?! Энеси бөлөк нечөө тур, жергеси бирге жетөө тур. Эр Манастай баатырдын, аңдагын сөздүн акырын, Абыке, Көбөш ини бар. Астында турган Алмаңдын, өзүнөн башка кими бар? Сөөктөш кытай элим жок, сөз байлашкан эрим жок, уругу кытай элим жок, убада кылган эрим жок, кылчайып азыр карасам, узап кетер жерим жок. Өрттөп өзүм элимди, өткөрө бузуп бейлимди, жалмадым бир боор элимди, жаман бузуп бейлимди. Намысыма чыдабай, сулаттым султандарымды, сумсайттым туугандарымды.

Жергемди сураар жээним жок, эңсеп бараар элим жок, таянарга тага жок, тагдыр жетсе даба жок. Бөлөктү койдум бөлөм жок, эңкейип кетсем жөлөк жок, кадырым билер калкым жок, кадимкидей наркым жок. Өчөгүшкөн капырдан, өлүп калсам кокустан, арбагымды ким сыйлайт, аманат жа-

нын ким кыйнайт, азып жүргөн бир кулга, абыдан кейип ким ыйлайт?

Ажал–өлүм алка–жакадан алып жатканда, бир солк этип койбогон бечара Алмамбет арманын айтып жатканда, жанында турган Каныкей да чыдай албай көзүн жаштады.

–Айланайын Алман, кечирип кой мени. Байкабастык кылып, ичиндеги жараңды козгоп алдым окшойт.

Алмамбет көптөн бери айткандын ыгын таба албай жүргөнбү, ичиндеги бугун аябай төктү:

– Жеңе,мынча болду эми, аягына чейин айтып калайын. Көксөм суусун. Жанымда жүргөн кырк баатыр, жакшыраак болсом көрө албас, жарлык кылсам көнө албас. Ажал жетип, күн бүтсө, жанымдагы кырк баатыр, жакшылап жууп көмө албас. Чала болду кулга деп, буга окшогон кытайдын жатар жайы жылга деп, жараткан кудай пендеңди, так ушундай кылба деп, мойнуна илдик тулга деп, ырас болду кулга деп, кунумду кууп албастан, челишип жоого барбастан, таштаган бойдон жөнөөр бейм, жай–баракат күн болсо, туз көмгөндөй көмөөр дейм!

–Айланайын Алман, кудайдан түбөлүгүн түз кыл деп тилечи. Сендей азаматка бул айтканың жарашпайт.

–Жеңе, ушул азыр жалгыздыгым билинип, жар мойнума илинип, жатып калам деп ойлойм, бассам–турсам көп ойлойм. Баркырап ыйлаар балам жок, баркымды билер адам жок. Кайышып калар карам жок, каңгыраган бир башым, карманарга адам жок. Катыным кара кийинер, кадырлаш болсо кай бирөө, калмакка жакшы болду деп, кадиги жок сүйүнөр. Атпай журтта акым жок, ары–бери карасам, алганымдан жакын жок. Алганым анык күйбөсө, атылган ташка биздин ок. Карап турсам дүйнөдө катынымдан жакын жок, катыным какшап күйбөсө, андан башка күйөөр жок.

Алмамбеттин абалын түшүнгөн Каныкей ага сөз менен көңүл айткандан башкага жарабады:

–Жалгыздын жары жараткан дейт, Алман.Кудайдан аманчылыгыңарды тилейли.

Канчалык улук болсо да, акылы тунук болсо да, жалгыздыгы курусун, мындай тозокту пендесине бербей кал. Алмамбет жайын айтып турганда, жанында турган чоролор, муңайышып, карап тургандардан айрым жашыктары жашып ыйлап, көздөрүнө жаш алды. Муңканышып калышып, мурундан чыккан көк сууну булайтып жерге чабышып, найзанын учу солкулдап, бөйрөктөрү болкулдап, Анжыяндан алдырган, сагаса күлүн салдырган, тартса кумар кандырган, кара мурчтан бууланган, калемпирден сууланган, тарткан адам дуулаган, жанчыктан чакча суурушуп, келе бери, баатыр деп, кеп көбөйүп жатыр деп, тартышалык акыр деп, айрымдары күчүн насыбайдан чыгарышты.

–Тартып ал муну, баатыр,–деп өтө күйүмдүүлөрү чакчаларын сунуп, катар турган баатырлар Алмамбетке кайрат айтып турушту.

Алмамбеттин кейип айткан сөзү сөөгүнөн өтүп, чучугуна жеттиби, көзүнүн жашын бурчактаткан Аруукe, алыс сапар жол тарткан Алмамбетке медер болсун дедиби, жалтактай карап, жер тиктеп, кебин баштады:

–Бала деп майышып, бото деп боздочу элең, Алмаке.

–Кантип боздобой, кантип күйбөй коёмун, Аруукe.Өткөрө бузуп пейилимди, өз элимди таштап, өз жеримди чанып,келдим эле бул элге.

–Капа болбо, Алмаке. Бул эл сени өз уулунан кем көрбөйт.

–Айланайын кыргыз элге ыракмат.Канымды төгүп, жанымды берсем да көптүк кылбайт. Кеп анда болбой жатпайбы, Аруукe. Чоң казатка ат-

танып бара жатабыз. Жаман айтпай жакшы жок дейт. Алда кандай күн болсо...Артында баркырап ыйлаган балаң болбосо... Мен ушуга күйөм, Аруу-ке.

–Алмаке, болжолун билбей тим жүргөм. Боюмда бар бир күнөм.

–Я! Чын элеби? Ыраазымын Арууке.

Алмамбеттин кубанычы койнуна батпай, бар-балактап кубанып, Аруукени кучактап, бетинен сүйдү.

Алмамбеттин жылуу мамилесинен эреркеген Арууке да көздөрүн жашылдантып, оюндагысын айтып калды:

–Алмаке,быяктан кам санаба.Аман барып, аман кел.

–Арууке, боюңдагыны жакшы сакта.

Эртеден бери сай–сөөгү сыздап, заманасы куу-рулуп, өткөн–кеткен оюна түшкөн Алмамбеттин бу-зулган ой–санаасы ордуна келип, кабагы ачылып, башка сөз айтканга жарабай, өзүн өзгөчө бактылуу сезип турду.

Алдыда боло турган тагдырды алдын ала туюп, жүрөгү бир шумдукту сезгендей, чыдамы кеткен Каныкей мурдагы суроосун кайра тактап сурады:

–Айланайын, Алман, Бээжинди көрмөк мындай турсун, атын уккан бар, укпаган бар. Канча күндө барып, канча күндө келчү жол деги. Көңүлгө алып угалык, ушунча айда келмек деп, күтүнгөн болуп туралык. Жашырбай жайын айтыңыз, кудайым жар болуп, арбак урган каапырга, алдырбай аман кайткыла, – деди эле, эмне деген кеп чыгат деп, ошо жерде тургандын баары Алмамбеттин оозун тиктешти. Алмамбет бир азга ойлоно түштү да чо-гулгандарга карады:

– Айланайын калайык, алдыдагы иштерди ал-дын ала айтыш кыйын го. Ошентсе да болжолдоп айтсак болот.Кудайым жар болсо, тынбай жүрүп

отурсак, үч ай, токсон күн жол жүрсөк, улуу дайра Уркундан аман эсен кечип өтсөк, Эрименин боз чөлүнө алты ай кыштайбыз. Тогуз айга толгондо, ат кара тил болгондо, Бээжинге чалгын чалаарбыз, алдырсак да алсак да, алты ай уруш салаарбыз. Кайра тартып жол жүрсөк, даана үч ай мол жүрсөк, бир жарым жыл болгондо, он сегиз айга толгондо, келип калаарбыз деп ойлойм.

Мурда мындайды угуп көрбөгөндөр жакаларын карманышып, кудайга тобо кылышты.

Тургандардын эң аксакал карысы колун маңдайына тартып бата кылды:

– Оо айланайын жараткан, канымды асты кылбаңыз, капырды үстү кылбаңыз, бегимди асты кылбаңыз, бейжайды үстү кылбаңыз. Жараткан, өзүңөн жардам болсун, кырсыктан сактап кудайым, баарыңдын жаның аман болсун.

Ак сары башыл чалышып, адамдын баары наалышып, беттешип пенде жеңбеген кытай менен чабышып, барса келбес Бээжинден кимиси аман келип, кимиси ал жакта түбөлүк жай табаарына көзү жетпеген көпчүлүк батасын айтып буркурап, адамдын баары чуркурап, кудайдан тиленип, аттанып кетип бараткандарга ак жол каалап турушту.

Муңайып турган карапайым калктын жайын көрүп, көзүнө билинээр–билинбес жаш имерип, кудайдан жардам тилеп, айкөл Манас Аккулага минди. Кыргыл чал добулбасты кагып жиберди.

Туулга башта жаркылдап, тулпарлардын туягы жерге тийсе тарсылдап, белде кылыч шаркылдап, күрөөкө соот жылтылдап, жортуулга минген көй буудандын жоргосу чыгып кылтылдап, айкөл Манас баштаган кырк чоро, кеткен колдун артынан жөнөштү.

## АВТОР ЖӨНҮНДӨ

*Максутов Бактыбек Кыргыз мамлекеттик университетинин экономикалык факультетин бүтүргөн.*

*1990–1995–ж.ж. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Экономика, бюджет жана финансы маселелери боюнча комиссиянын секретары,*

*1995–1996–ж.ж. Кыргыз Республикасынын Контролдоо палатасында инспектор,*

*1997–жылдан 2000–жылдын июль айына чейин Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору болуп иштеген.*

*Азыркы учурда «Айкөл Манас баяны» фондунун төрагасы болуп иштеп келе жатат.*

*«Айкөл Манас баяны" баш болгон 30дан ашык китептин, 10 драманын автору.*

*Б. Максутов Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, Коомдук "Манас" академиясынын академиги болуп шайланган.*

# МАЗМУНУ

Манас баатырдын Каныкейге үйлөнгөнү . . . . . . 3
Колдун Бээжинге аттанганы, Каныкейдин
сарамжалы. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .44
Автор жөнүндө . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .59
Мазмуну . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .60

*Көркөм адабий басылма*

**МАНАС БААТЫРДЫН КАНЫКЕЙГЕ ҮЙЛӨНГӨНҮ**

**Адабиятташтырып жазып чыккан Максүтов Бактыбек**

**4**

**Бишкек, "Максат" басмасы**
**Кыргыз тилинде**

Редактору *Айша Максутова*
Корректору *Анаркан Акматова*
Сүрөтчүсү *Т.Герцен*
Компьютердик калыпка салган *Сардар Урмукеев*

Терүүгө 08.04.2012–жылы берилди.
Басууга 15.04.2012–жылы кол коюлду.
Форматы 84x108 $^{1}/_{16}$. Офсеттик кагазга басылды.
Көлөмү 3,875. Нускасы 5000 даана.

"Максат" басмаканасында басылды.
Бишкек ш., С.Ибраимов көчөсү, 100.

***Урматтуу окурман!***
***Бул китепче боюнча сунуш жана пикириңиздерди төмөнкү дарекке билдириңиздер.***

Инд. 720048, Бишкек шаары,
мкр. "Тунгуч", үй № 60, кв.23. Максүтов Б.
Тел. № (0312) 44–79–03, Моб. (0770) 204 742.
E–mail: aikol.manas@mail.ru

---

***Урматтуу окурман!***

***2012–жылы "Айкөл Манас баяны" фонду тарабынан "Манас" эпосуна байланыштуу басмадан чыга турган китептердин тизмеси:***

1.Манастын төрөлүшү жана бала чагы.
2.Кан Кошой баяны
3.Алмамбет баатырдын арманы
4.Манас баатырдын Каныкейге үйлөнүшү
5. Алмамбет менен Сыргактын чалгынга чыгышы
6.Чоң казат
7.Каныкейдин Тайторуну чапканы
8.Каныкейдин жомогу
9.Айчүрөктүн ак куу болуп учканы
10.Семетей менен Коңурбайдын кармашы
11.Сейтектин төрөлүшү
12.Сейтек баатыр
13.Айкөл Манас баяны (1–китеп)
14.Айкөл Манас баяны(2–китеп)
15.Эр Семетей баяны (1–китеп)
16.Эр Семетей баяны (2–китеп)
17.Сейтек баатыр баяны
18.Эр Төштүк
19.Манас бабабыздан бүгүнкү күнгө чейин
20.Повесть о Манасе великодушном

